**2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинде жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүндө бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө**

**Отчет**

2024-жылга Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын аудитордук иш планына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2024-жылдын 4-октябрындагы № 06-1/647 буйругуна ылайык, аудитор П.С. Батировдун жетекчилиги менен, курамында башкы мамлекеттик инспектор З.С. Солпуева, мамлекеттик инспекторлор М.Ж. Артыков, Д.Р. Авазов, Э.З. Акимжанов, К.З. Төрөбеков, Б.К. Парпиев, К.С. Зайналов, Б.С. Садыковдон турган аудит тобу тарабынан 2023-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинде жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүндө бюджеттин аткарылышына шайкештик аудити жүргүзүлдү.

**Жооптуу тарап жана аудит субъектиси**

Ушул аудитке карата жооптуу тарап жана аудит субъектиси болуп Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги (мындан ары – ЭСКММ же Министрлик) эсептелет.

**Аудит субъектисинин милдеттери**

Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин жалпы милдеттерине мамлекеттик каражаттарды башкаруу жана мыйзам чыгаруучу орган тарабынан берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, ошондой эле бул аудиттин предмети кирет.

**Аудит жүргүзүү мезгилинде каржылоону бөлүштүрүүчүлөр болуп төмөндөгүлөр эсептелген:**

*Биринчи кол коюу укугу менен:* министри: - К.Б. Базарбаев 2023-жылдын 7-сентябрына чейин, Г.М. Баатырова 2023-жылдын 7-сентябрынан 2024-жылдын 7-июнуна чейин, Ж.А. Полотова 2024-жылдын 7-июнунан 2024- жылдын 4-декабрына чейин, Р.А. Сабиров 2024-жылдын 4-декабрынан тартып азыркы учурга чейин;

*Экинчи кол коюу укугу менен:*

- бюджеттик пландаштыруу жана каржылоо башкармалыгынын начальниги - Х.С. Думанаева бүтүндөй аудит мезгилинде;

- бюджеттик пландаштыруу жана каржылоо башкармалыгынын каржылоо бөлүмүнүн башчысы - А.Ж. Ормошов бүтүндөй аудит мезгилинде.

**Аудитордун жана аудитордук топтун милдети**

Аудитордун жана аудитордук топтун милдети жүргүзүлгөн аудиттин негизинде Министрликтин бюджетинин аткарылышы мыйзамдын талаптарына (аудиттин критерийлерине) ылайык келүүсү жөнүндө өз алдынча корутундуларга келүү болуп саналат. Аудит корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү жана тийиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесипкөйлүк пикирине, анын ичинде алдамчылыктан же катадан улам олуттуу шайкеш келбей калуу тобокелдигине баа берүүдөн көз каранды. Аудит аткарылган аудитордук жол-жоболор шарттарга ылайыктуу жана алынган аудитордук далилдер бул отчетто баяндалган корутундулар үчүн негиз болуп берүү үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

**Аудиттин критерийлери**

Аудиттин критерийлери, Министрликтин бюджетинин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына жана ички ченемдик укуктук актыларына ылайык аткарылышын изилдөө:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси
- "Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- "Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- "Калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- "Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-февралындагы № 85 "Мамлекеттик органдары, алардын түзүмдүк бөлүмчөлөрү жана ведомстволук мекемелери көрсөтүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрин (тизмесин) бекитүү жөнүндө" токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 30-декабрындагы № 640 "Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин социалдык стационардык мекемелеринин жана реабилитациялоо борборлорунун мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүн алуучуларды багуунун мамлекеттик минималдуу социалдык стандарттарын бекитүү жөнүндө" токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 29-сентябрындагы № 626 "Казыналыктын бирдиктүү эсеп системасындагы атайын жана депозиттик эсептерде топтолгон бюджеттик мекемелердин каражаттары жөнүндө" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы № 281 “Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибин бекитүү тууралуу” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтому;

-Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 22-декабрындагы № 795 “Жеңилдиктердин ордуна ай сайынкы акчалай компенсаци төлөө жөнүндө” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 23-ноябрындагы № 556 “Багууга жана көзөмөлгө дайыма муктаж болгон ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү баланын жеке ассистентинин кызмат көрсөтүүлөрүнө акы төлөөнүн шарттары жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” токтому;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы № 2-Б буйругу менен бекитилген, “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобо;

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 252 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги жөнүндө” Жобо.

**Аудиттин предмети**

Министрликтин каражаттарын башкарууну уюштуруу, саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу, эмгек жана калкты социалдык жактан коргоо чөйрөсүн өнүктүрүү, өз убагында, жарандардын жана жөлөкпул алууга укугу бар адамдардын социалдык жактан аялуу категорияларына, турмуштук оор кырдаалга кабылган үй-бүлөлөргө жана балдарга сапаттуу мамлекеттик, социалдык кызмат көрсөтүүлөр жана төлөмдөргө, жогорку деңгээлдеги иш-аракеттерди камсыз кылуу боюнча иш-аракеттердин мыйзамдарга ылайык келишине баа берүү.

**Ишти аткарууда колдонулган аудиттин стандарттары**

Иш INTOSAI аудитинин негизги принциптерине, шайкештик аудити боюнча колдонмолорго, атап айтканда, ISSAI 400 жана ISSAI 1400 (2015-жылы кайра каралып чыккан), ошондой эле Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы № 01-26/56 токтому менен бекитилген Шайкештик аудити боюнча колдонмого ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга ылайык келүүсү**

Аудиттин эл аралык стандарттары, аудитордук топтон этикалык ченемдерди сактап, ошондой эле аудиттин предмети бардык олуттуу аспектилери боюнча мыйзамдарга жана ченемдик укуктук-актыларга туура

келерине негиздүү кепилдикке ээ болуу үчүн, аудитти пландоону жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аткарылган иштердин кыскача баяндамасы**

Бул текшерүүнүн жүрүшүндө Министрликтин ишине тиешелүү ченемдик-укуктук документтер, ички ченемдик документтер изилденип, бюджеттик каражаттардын жана атайын эсептин каражаттарынын пайдаланылышына баа берилди. Аудит көлөмүнүн чоңдугуна жана убакыттын тардыгына, адам ресурстарынын жетишсиздигине байланыштуу, аудит тандалма жана статистикалык эмес тандоо ыкмасы менен жүргүзүлдү.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан Министрликтин борбордук аппаратынын, 38 аймактык, 17 социалдык стационардык жана 6 ведомстволук мекемелеринин бюджетинин аткарылышынын талаптарга ылайык келишине аудит жүргүзүлгөн.

**Корутунду**

Аудит тарабынан жүргүзүлгөн иш-чаранын жыйынтыгында төмөндөгү баяндалган айрым жагдайларды кошпогондо, Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин иши олуттуулуктун көлөмү жана мүнөзү боюнча аудитке камтылган учурларында, бардык олуттуу аспектилерде мыйзамдык жана жөнгө салуучу ченемдерге шайкеш келери аныкталды.

## Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктун жана сунуштаманын аткарылышы

**Аныкталды жана корутунду**

2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинде жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүндө бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан төмөндөгүлөр жөнөтүлгөн:

- 5 пункттан турган жазма буйрук (16.07.2024-жылдагы № 01-20/74), алардын ичинен № 1 жарым-жартылай аткарылган (1.1,1.3,1.4), № 4 (4.6-аткарылган эмес, 4.11 жарым-жартылай аткарылган ).

2022-жылга жүргүзүлгөн аудит боюнча калыбына келтирилбеген сумманын калдыгы 25,7 миң сомду түзгөн, анын ичинде:

- Базар-Коргон райондук башкармалыгы – 14,4 миң сом;
- Кызыл-Кия шаардык башкармалыгы - 11,3 миң сом.

**Сунуштама**

Мурунку аудиттин жыйынтыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын жазма буйругунун (16.07.2024-жылдагы № 01-20/74), №№ 1, 4-пункттары толук аткарылсын.

2022-жылга карата аудиттин жыйынтыктары боюнча калыбына келтирилбеген 25,7 миң сом суммасындагы калдыктар калыбына келтирилсин, анын ичинде: Базар-Коргон райондук башкармалыгы – 14,4 миң сом, Кызыл-Кыя шаардык башкармалыгы - 11,3 миң сом.

## Аудит субъектисинин кыскача мүнөздөмөсү

Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин Жобосу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 252 токтому менен бекитилген.

Жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги төмөнкү чөйрөдө мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча функцияларды жүзөгө ашыруучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы болуп саналат:

– эмгек, анын ичинен эмгекти коргоо жана калкты иш менен камсыз кылууга көмөк көрсөтүү маселелери;

– калкты социалдык коргоо, анын ичинде жарандардын социалдык жактан корголбогон категорияларын, турмуштук оор кырдаалга кабылган балдарды, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарды (мындан ары – ДМЧА) жана улгайган жарандарды колдоо;

– социалдык камсыздоо жана гендердик теңчилик;

– үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо;

– миграция, анын ичинен иммигранттардын, этностук кыргыздардын жана качкындардын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын адам сатуунун алдын алуу жана ага каршы күрөшүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарынын алкагында адам сатуунун курмандыктары маселелери.

Министрликтин түзүмүндө 53 аймактык бөлүнүштөр, 17 социалдык стационардык мекемелер, 28 медициналык-социалдык экспертиза комиссиялары, Республикалык протездик-ортопедиялык буюмдар мекемеси жана Майыптыгы бар адамдарды реабилитациялоо борбору иштейт.

## Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы

Министрликте отчеттук мезгилде 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы, 2023-жылга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин иш-аракеттер планы, Кыргыз Республикасынын Президентинин “Баткен облусундагы чек арага чектеш айылдарды калыбына келтирүү жана өнүктүрүү боюнча биринчи кезектеги чаралар жөнүндө” Жарлыгын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы, 2022-2023-жылдарга Кыргыз Республикасында башкарууну санариптештирүү жана санариптик инфратүзүмдү өнүктүрүү боюнча иш-чаралар планы сыяктуу стратегиялык жана программалык документтерде белгиленген милдеттерди/чараларды аткаруу боюнча ыраатту у иштер жүргүзүлгөн.

Стратегиялык жана программалык документтерди ишке ашыруунун алкагында Министрлик мамлекеттин мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен, жарандардын социалдык жактан корголбогон категорияларынын (турмуштук оор кырдаалда турган балдар жана үй-бүлөлөр, ДМЧАлар, улгайган жарандар, жумушсуздар) жашоо деңгээлин жогорулатуу жана абалын жакшыртуу боюнча бардык чаралар көрүлгөн.

Жалпысынан Министрлик боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү алган жарандардын жалпы саны 1490 миңден ашык адамды (республиканын калкынын 21% га жакыны) түзөт, анын ичинен, жөлөкпул жана компенсация түрүндө 607,4 миң адам социалдык төлөмдөрдү алышкан.

*Мамлекеттик жөлөкпулдар*. 2023-жылдын аягына мамлекеттик жөлөкпул алгандардын жалпы саны 391,9 миң адамды түздү.

*Социалдык кепилдиктерди жана компенсацияларды берүү.* Ай сайын жарандардын 25 категориясына жеңилдиктердин ордуна акчалай компенсациялар (1000 сомдон 7000 сомго чейин) төлөнөт. 2023-жылдын 31-декабрына карата жеңилдиктердин ордуна ай сайын берилүүчү акчалай компенсацияларды алуучулардын саны 36,3 миң адамды түздү (төмөндөө-2,7%). Жеңилдиктердин ордуна акчалай компенсацияларды төлөөгө республикалык бюджеттин каражаттарынан жалпы суммасы 887,6 млн. сом акча каражаты каржыланган (төмөндөө - 2,7%).

*Иштегендерди социалдык камсыздоо.* Кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпул алуучулардын саны 29,2 миң адамды, расымдык (сөөк коюуга) жөлөк пул алуучулардын 2776 адамды түзгөн. Кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпулдун орточо өлчөмү 29,7% га 2022 – жылга салыштырмалуу көбөйдү же 17250 сомду түздү, расымдык жөлөкпулдун орточо өлчөмү 3159 сомду түздү. Кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпулдарды каржылоонун суммасы 505,0 млн.сомду, расымдык - 8,7 млн. сомду түздү.

*Социалдык тейлөө*. Министрликтин системасында 17 социалдык стационардык мекемелери (ССМ) ишмердүүлүгүн жүргүзөт, мында 2332 адам, анын ичинен 522 улгайган жарандар жана ДМЧА, психоневрологиялык диагноз менен 1810 жаш бала жана чоң киши жашайт.

*Турмуштук оор кырдаалда турган балдарды жана үй бүлөлөрдү социалдык колдоо.* 2023-жылы республика боюнча турмуштук оор кырдаалда (мындан ары ТОК) турган 5 982 бала табылган, анын ичинен ТОКтон 62,1 % чыгарылды. 2023-жылы 1855 баланы коргоо боюнча жеке планы (БКБЖП) иштелип чыккан. Ошондой эле, ТОК 3718 үй бүлө табылган, анын ичинен ТОКтон 26,3% чыгарылган.

*Аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү колдоонун кошумча чаралары.* Аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө колдоо көрсөтүү, тажрыйбасын жана билимин жогорулатуу аркылуу аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн майда өндүрүүчүлөрүнүн дараметин көтөрүү максатында, Бириккен Улуттар Уюмунун (мындан ары-БУУ) Азык түлүк программасы менен биргеликте Министрлик 2023-2027-жылдарга “Иштин ордуна азык-түлүк” масштабдуу долбоорун (мындан ары-долбоор) ишке ашыруу үчүн иш алып барууда.

2023-жылы республикалык бюджеттин каражаттарынан 1036,0 млн сом социалдык контракттын негизинде жакыр жана аз камсыз болгон 10,0 миң үй-бүлөгө социалдык жардамды ишке ашырууга бөлүнгөн. 01.11.2023-ж. карата 10,0 миң үй-бүлөгө гранттык каражат (100,0 миң сомдон) берилди. Бардык долбоорлор ишке ашырылууда.

*Майыптыгы бар адамдарга кызматтарды көрсөтүү.* Коомдук турмуштун ар кандай чөйрөлөрүндө ДМЧАды басмырлоону четтетүү жана республиканын шаарлары менен айылдарында жеткиликтүү инфраструктураны түзүү максатында 2030-жылга чейин "Жеткиликтүү өлкө" мамлекеттик программасы кабыл алынган.

*Эмгек жана эмгек мамилелери* чөйрөсүндөгү мыйзамдардын ченемдерин өркүндөтүү максатында: "Эмгек жана социалдык камсыздоо маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" (09.03.2023-ж.№ 55) жана "Кыргыз Республикасындагы эмгек мамилелер жаатындагы социалдык өнөктөштүк жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу (17.03.2023-ж. № 60) Мыйзамдары кабыл алынган.

*Эмгекти коргоо.* Кыргыз Республикасынын Эмгек жана эмгекти коргоо жөнүндө мыйзамдарынын сакталышын мамлекеттик көзөмөлдөө жана контролдоо Министрликке караштуу Эмгек мыйзамдарын контролдоо жана көзөмөлдөө боюнча кызмат (эмгек инспекциясы) тарабынан жүзөгө ашырылат. 2023-жылы 1237 текшерүү жүргүзүлгөн, бул 2022 -жылга салыштырмалуу (816) 152% га көп 2613 эмгек мыйзамдарын бузуу аныкталган, бул 2022-жылга салыштырмалуу 186 % га көп (1402). Аткарууга милдеттүү болгон 624 жазма көрсөтмөлөр чыгарылган (2022 - жылы-378). Эмгек инспекторлорунун көрсөтмөлөрүн аткаруу максатында, иш берүүчүлөр кызматкерлерге 26,0 млн.сом мөөнөтүндө берилбеген эмгек акысы төлөнгөн, бул 2022-жылга караганда дээрлик 3 эсеге көп (9,0 млн. сом).

*Санариптештирүү.* Калкка көрсөтүлүүчү кызматтардын сапатын, даректүүлүгүн жана натыйжалуулугун жогорулатуу максатында Министрлик тарабынан бүтүндөй системаны санариптештирүү боюнча ырааттуу иштер жүргүзүлүүдө. Министрликте иштеп жаткан негизги маалыматтык системалар (Социалдык жардамдын корпоративдик маалыматтык системасы (СЖКМС), эмгек рыногунун маалыматтык системасы (ЭРМС) "Түндүк" ВЭӨТ кошулган.

Миграциялык саясат. Миграция чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясат Кыргыз Республикасынын 2021-2030-жылдарга миграциялык саясат Концепциясынын (КР Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майындагы № 191 токтому жана ушул Концепциянын биринчи этабын ишке ашыруу боюнча Иш-чаралар планынын (КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 13-апрелиндеги № 191-т тескемесинин) алкагында ишке ашырылууда.

**“Кыргыз Республикасынын 2023-жылга республикалык бюджети жана 2024-2025-жылдарга болжолу жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен жактырылган ЭСКММнын программалык бюджетинин аткарылышы**

Индикатордун жардамы менен бул программалардын натыйжалуулугун баалоого болгон, 2022-2024-жылдарга бюджеттик чыгымдардын орто мөөнөттүү стратегиясын (БЧОС) мамлекеттик жөлөкпулдарды берүүгө багытталган программаларга мониторинг жүргүзүү үчүн 6 индикатор каралган:

Миң сом

| **№ и/б** | **Бюджеттик программалардын аткарылышы** | **2023-жылга каржылоо, *(атайын эсептердин каражаттарын эсепке алуу менен)*** | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | Бекитилген план | Такталган план | 31.12.23-ж. карата касс. чыгымдар | *Касс. чыгым. ./ такт. план (%)* |
| | ***1*** | ***2*** | ***3*** | ***4*** | ***5*** |
| 1. | Пландоо, башкаруу жана администрлөө | 991 022,7 | 1 284 205,6 | 1 184 345,6 | 92,2 |
| 2. | Турмуштук оор кырдаалда турган үй-бүлөлөргө жана балдарга колдоо көрсөтүү | 14 654 645,0 | 14 172 001,4 | 14 164 126,2 | 99,9 |
| 3. | Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды (ДМЧА) жана улгайган жарандарды социалдык коргоо | 2 508 798,5 | 2 266 736,5 | 2 192 272,8 | 96,7 |
| 4. | Жарандардын айрым категорияларына акчалай компенсацияларды берүү жана социалдык кепилдиктер | 945 018,9 | 921 679,4 | 917 668,3 | 99,6 |
| 5. | Калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жана жумушсуздарды социалдык колдоо | 581 673,7 | 1 847 045,1 | 1 796 190,7 | 97,2 |
| 6. | Үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулуктан жабыр тарткандарды социалдык жактан коргоо | 10 073,7 | 10 073,7 | 6 651,1 | 66,0 |
| | КР Президентинин фонду | | 10 668,0 | 10 557,7 | 99,0 |
| | АИС «Коопсуз шаар» | | 458,2 | 457,5 | 99,8 |
| | КР ЭСКММги боюнча бардыгы | 19 691 232,5 | 20 512 409,7 | 20 271 812,4 | 98,8 |

Эскертүү: *IS Казыналыктын берилген маалыматы боюнча 2023-жылга каржылоо (01.01.23-жылдан 31.12.23-жылга чейин).* программасына ылайык *(бардыгы 6 бюджеттик иш-чаралар жана 24 бюджеттик көрсөткүч) жүргүзүлгөн.*

1-бюджеттик программа **“Пландоо, башкаруу жана администрлөө**” программасына ылайык ***2*** *көрсөткүч* - баардык иш-чаралары жана көрсөткүчтөр аткарылган (001.01; 001.02;). (*Борбордук деңгээлдеги башкаруу жана администрлөө, аймактык деңгээлде башкаруу жана администрлөө*);

2-бюджеттик программа **“Турмуштук оор кырдаалда турган үй-бүлөлөргө жана балдарга колдоо көрсөтүү”** программасына ылайык *7 көрсөткүч* - баардык иш-чаралары жана көрсөткүчтөр аткарылган *(2.01; 2.02; 2.03;2.05; 2.07).*

**Аныкталды жана Корутунду**

2-бюджеттик программанын 1 көрсөткүчү аткарылган эмес (2.04), тактап айтканда кадрлардын дараметинин жогорулатуунун факторлорунун бири окутууну уюштурууга, мейманкана, транспорт ж. б. чыгашаларды эске алуу менен, ар бир адисти окутууга 25,0 миң сом (100 адиске 2,5 млн.сом) талап кылынат. Окутуу 2024-жылдын башына жылдырылгандыктан 2023-жылы адистерди окутуу өткөрүлгөн эмес. Ошондой эле, Кыргыз Республикасынын жарандары болгон ата-энесинин камкордуксуз калган балдарды кайтаруу боюнча 2011-жылдан 2023-жылга чейинки мезгилде Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясындагы, Казакстан Республикасындагы элчилигинин көмөгү менен Министрлик тарабынан 161 бала кайтарылган. Россия Федерациясынан бир баланы мекенине кайтаруу үчүн болжол менен 116,0 миң сом керектелет, аны Министрликтин 1 кызматкери жана Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин 1 кызматкери коштойт.

Аталган балдардын саны акыркы 5 жылдын (2018,2019,2021,2022,2023) репатриацияланган жалпы балдардын орточо эсебинен алынып, Министрлик тарабынан сунушталган.

КМШ мамлекеттеринин балдар маселелери боюнча ыйгарым укуктуу органдарынан же/жана Кыргыз Республикасынын дипломатиялык кызматтары тарабынан жашы жете элек балдар камкордуксуз калды деген билдирүү келип түшкөндөн кийин тактоо, териштирүү иштери жүргүзүлүп, репатриация уюштуруу чаралары башталат.

2023-жылы келип түшкөн өтүнүчтөргө (запросы) ылайык, белгиленген тартипте тактоо иштеринин жыйынтыгы боюнча жалпы 12 жашы жете элек 108 бала мекенге репатриацияланып, чаранын бюджеттик аткарылышын 67,0 %ды түзгөн.

**Сунуштама**

Министрлик тарабынан райондук, шаардык эмгек социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыктарынын үй-бүлө жана балдарды коргоо бөлүмдөрүнүн кызматкерлеринин дараметин жогорулатуу жана Кыргыз Республикасынын жарандары болгон ата-энесинин камкордугусуз калган балдарды кайтаруу боюнча бюджеттик программанын көрсөткүчтөрүнүн ишке ашырылышы көзөмөлгө алынсын.

3-бюджеттик программа **“Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды жана улгайган жарандарды социалдык коргоо”** программасына ылайык *7 көрсөткүч* - 7 көрсөткүчү аткарылган *(3.01; 3.02; 3.03; 3.04; 3.05; 3.06;3.07)*.

4-бюджеттик программа **“Жарандардын айрым категорияларына акчалай компенсацияларды берүү жана социалдык кепилдиктер”** программасына ылайык *3 көрсөткүч* - бардык көрсөткүчтөрү аткарылган *(4.01; 4.02; 4.03).*

5-бюджеттик программа **“Калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жана жумушсуздарды социалдык колдоо”** программасына ылайык 3 *көрсөткүч* - баардык көрсөткүчтөрү аткарылган *(5.01; 5.02;5.03).*

**Аныкталды жана Корутунду**

6-бюджеттик программа **“Үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулуктан жабыр тарткандарды социалдык жактан коргоо”** программасына ылайык *2 көрсөткүч:* 1-көрсөткүчү аткарылып *(6.01),* 2-көрсөткүчү аткарылган эмес *(6.02).*

Анткени, 2023-жылга карата бюджеттик чыгымдардын орто мөөнөттүү стратегиясын долбоорунда зомбулуктан жабыр тарткандарга жардам көрсөтүү үчүн, мамлекеттик кризистик борборду түзүү, финансылык жана техникалык колдоо көрсөтүүгө жана пилоттук облустарда үй-бүлөлүк зомбулук кырдаалындагы үй-бүлөлөр үчүн программаларды киргизүүгө 3 422,5 миң сом каралган.

Ылайыктуу жайдын жоктугунан бул бюджеттик чара аткарылган эмес.

Мында мамлекеттик кризистик борборду ачуу үчүн 3 422,5 миң сом суммасындагы бюджеттик каражаттар ченемдик укуктук актылары жок каралгандыгы белгиленет.

**Сунуштама**

“Үй-бүлөлүк жана гендердик зомбулуктан жабыр тарткандарды социалдык жактан коргоо” программасынын толук аткарылышы үчүн тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин жана Дүйнөлүк азык-түлүк программасынын биргелешкен долбоорлору жөнүндө**

“2023-2027-жылдарга Бириккен Улуттар Уюмунун Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасынын Кыргыз Республикасындагы өлкөнүн стратегиялык планын” Меморандум ишке ашырууга багытталган жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Бириккен Улуттар Уюмунун (мындан ары-БУУ) Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасынын ортосундагы өз ара аракеттенүүнүн жана кызматташуунун механизмдерин карайт.

Кыргыз Республикасындагы Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасынын Кыргыз Республикасындагы Өлкөнүн стратегиялык планын социалдык коргоо системасын өркүндөтүү, азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу, мектептерде тамактанууну оптималдаштыруу, калкты климаттын өзгөрүшүнө ыңгайлаштыруу жана калкты өзгөчө кырдаалдардан коргоо, ошондой эле мамлекеттик органдардын потенциалын жогорулатуу менен байланышкан көйгөйлөрдү чечүүгө багытталган.

**2023-жылга** карата республика боюнча айыл өкмөттөрүндө 636 инфраструктуралык, окутуу жана киреше алып келүүчү долбоор ишке ашырылган. Бул долбоорлорго жалпысынан 14 818 аз камсыз болгон үй-

бүлө (76814 адам) катышкан. Бул долбоорлорду ишке ашыруунун алкагында 4 225 тоннадан ашык азык-түлүк (ун жана өсүмдүк майы), райондук социалдык стационардык мекемелерге 189 тоннадан ашык азык-түлүк (ун жана өсүмдүк майы) берилген.

Ошондой эле, мектеп окуучуларынын тамактануусун оптималдаштыруу боюнча улуттук программаны колдоо максатында мектептерге башталгыч класстын окуучулары үчүн 183 тоннадан ашык ун жеткирилген.

Республиканын айрым шаарларында жашаган калктын аялуу катмарына “жумушка (окутууга) накталай акча” схемасы боюнча чукул жардам көрсөтүүгө байланыштуу 211 долбоор ишке ашырылган. Бул долбоорлорго жалпысынан 5 058 аз камсыз болгон үй-бүлө (26589 бенефициар) катышкан. Бул долбоорлорду ишке ашыруунун алкагында 66 822,8 миң сом накталай акча бөлүштүрүлгөн.

## Гуманитардык жардам жүктөрү

Кыргыз Республикасына келип түшкөн гуманитардык жардамды кабыл алуу, эсепке алуу жана бөлүштүрүү тартибинин укуктук жана уюштуруу негиздери, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 1-февралындагы № 43 жана токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасында гуманитардык жардамды кабыл алуу жана бөлүштүрүү тартиби жөнүндөгү” Жобо менен жөнгө салынат.

Министрлик тарабынан 2023-жылга карата тамак-аш, спорттук инвентарлар, кийим-кечек жана оюнчуктар, атайын жабдуулар, медициналык жабдуулар, дары-дармек каражаттары, медициналык багыттагы буюмдар, компьютердик жабдуулар, автомобилдер, курулуш материалдары, окуу куралдары түрүндө 3 569 761,5 миң сомдук 6 065 019 кг. салмактагы гуманитардык мүнөздөгү жүктөргө 315 корутунду берилген. 2022-жылга салыштырмалуу, гуманитардык жардам 543 341 092 сомго аз, ошондой эле 58 корутундуга азайган.

## Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин бюджеттик каражаттарынын чыгымдарынын сметасынын түзүлүшү жана аткарылышы

Министрликти каржылоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын алкагында республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин эсебинен каржыланат жана милдетүү түрдө казыналык системасы аркылуу жүргүзүлөт.

Бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдардын сметасы: жалпысынан Министрлик боюнча 19 676 692,9 миң сом суммасында бекитилген, киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен тактаалган смета 20 469 567,6 миң сомду түздү. Кассалык чыгымдар 20 252 778,6 миң сомду, факты жүзүндөгү чыгымдар 20 456 886,6 миң сомду түздү.

**Кирешелердин түзүлүшүнө жана атайын эсептин каражаттарынын пайдаланылышы**

2023-жылга карата Министрликтин атайын эсептин каражаттары боюнча сметасын аткаруу жөнүндө отчетко ылайык, жыл башындагы каражаттардын калдыгы 2 475,0 миң сомду, жыл ичинде каражаттардын келип түшүүсү 40 096,4 миң сомду түзгөн, анын ичинде: чет өлкөдө ишке орношууга жардам берүү үчүн төлөм – 23 413,6 миң сом, учурдагы жардам – 16 682,8 миң сом, бюджеттин кирешесине – 174,6 миң сом, башка чегерүүлөр – 8 685,7 миң сом, жалпы киреше 31 236,1 миң сом.

Каражаттардын чыгашасы 19 033,9 миң сомду түзгөн, анын ичинде:

- эмгек акы – 4 599,3 миң сом;
- социалдык муктаждыктарга төгүмдөр/чегерүүлөр – 754,6 миң сом;
- иш сапар чыгымдары – 321,2 миң сом;
- транспорттук чыгымдар – 318,5 миң сом;
- товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу – 2 141,4 миң сом;
- мүлктү учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар – 360,1 миң сом;
- учурдагы чарбалык максаттар учун буюмдарды жана материалдарды алуу - 1 890,5миң сом;
- кийим мүлкүн жана башка формалык жана атайын формалык предметтерди сатып алуу, тигүү жана оңдоо- 92,8 миң сом;
- коммуналдык кызматтар -27,2 миң сом;
- негизги фонддор - 8 528,2 миң сом, жылдын аягында каражаттардын калдыгы – 14 677,3 миң сом.

Министрликтин 2023-жылга карата депозиттик каражаттар боюнча сметасынын аткарылышы жөнүндө отчетуна ылайык, жыл башындагы каражаттардын калдыгы 19 443,4 миң сомду түздү, отчеттук жыл ичинде 16 879,7 миң сом келип түшкөн, бюджеттин кирешесине – 1 331,6 миң сом, жыл ичинде кайтарылып берилген каражаттар – 13 224,9 миң сом, жыл аягында каражаттардын калдыгы - 21 766,7 миң сом.

**Ченемдик-укуктук актыларга ылайык эмгек акынын, башка төлөмдөрдүн, штаттык ырааттаманын түзүлүшү**

Министрликтин борбордук аппаратын, ведомстволук бөлүмдөрүн тейлөө үчүн административдик чыгымдарды каржылоо республикалык бюджеттин эсебинен жүзөгө ашырылат, аларга Бишкек шаарынын 4 райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыгы жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн Бишкек шаардык карылар жана майыптар Социалдык стационардык мекеме кирбейт, алар жергиликтүү бюджеттен каржыланат (административдик чыгымдар).

Министрликтин кызматкерлерине эмгек акы Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы № 266 ПЖ “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгынын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы № 433 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө”, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 184 “Кыргыз Республикасынын калкын социалдык камсыздоо системасынын кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтомдорунун негизинде төлөнүп берилген.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 264 “Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин башка мамлекеттик органдарынын жана Кыргыз Республикасынын башка мамлекеттик органдарынын, анын ичинде техникалык жана тейлөөчү персоналынын штаттык санынын чеги жөнүндө” токтомуна ылайык, ведомстволук бөлүмдөрдө штаттык бирдик 848,5 жана аймактык бөлүмдөрдө 1145 бекитилген, Министрлик боюнча жалпы саны 2 993,5 штаттык бирдик. (техникалык жана тейлөөчү персоналдан тышкары).

2023-жылга чыгымдар сметасында 2111 “Эмгек акы” беренеси боюнча 1 167 574,2 миң сомго бекитилген, такталган смета 1 623 356,4 миң сомду, кассалык чыгымдар 1 510 792,2 миң сомду, факт жүзүндөгү чыгымдар 1 509 997,1 миң сомду түзгөн, анын ичинде:

- негизги эмгек акы – 1 041 343,0 миң сом;
- үстөктөр – 237 612,8 миң сом;
- кошумча төлөмдөр жана компенсациялар – 231 836,3 миң сом.

2121 “Социалдык муктаждыктарга төгүмдөр/чегерүүлөр” беренеси боюнча смета 184 665,7 миң сомго бекитилген, такталган смета 242 156,1 миң сомду, кассалык чыгымдар 221 117,1 миң сомду, факт жүзүндөгү чыгымдар 220 569,3 миң сомду түзгөн.

**Аныкталды жана корутунду**

Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыктарынын социалдык кызматкерлеринин социалдык кызмат көрсөтүүгө муктаж жарандардын саны менен штаттык ырааттамада бекитилген кызматкерлердин саны Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-июлундагы № 365 токтому менен бекитилген “Үйүнө барып социалдык жактан тейлөө жөнүндө” типтүү жобонун 11-пунктунунун 2-абзацында белгилегендей айылдык калктуу конуштарда 1 кызматкер 10-12 социалдык кызмат көрсөтүүгө муктаж болгон жарандарга үйүнө барып кызмат көрсөтүүсү каралган. Бирок, башкармалыктардын жетекчиликтери тарабынан 2023-жылы жогоруда аталган типтүү жобонун талаптарын бузуу менен, негизсиз 118 ашыкча социалдык кызматкерди каржылоо менен орточо эмгек акынын суммасы 36 970,1 миң сом, Социалдык фондго

чегерүүлөр 6 377,3 миң сом, жалпы 43 347,4 миң сомго эмгек акылар ашыкча эсептелинген, натыйжада республикалык бюджеттин эсебинен типтүү жобого шайкеш келбестиктин жалпы суммасы **43 347,4 миң сом суммасында** бюджеттик жоготууларды түзгөн, анын ичинен бирдиктер: Аламедин райондук ЭСКМБ – 4, Жайыл райондук ЭСКМБ – 10, Панфилов райондук ЭСКМБ – 2 , Талас район аралык ЭСКМБ – 8, Тоң райондук ЭСКМБ – 1, Нарын район аралык ЭСКМБ – 7, Ош шаардык ЭСКМБ –11, Кара-Суу райондук ЭСКМБ – 13, Ноокат райондук ЭСКМБ – 4, Кара-Кулжа райондук ЭСКМБ – 3, Араван райондук ЭСКМБ – 2, Алай райондук ЭСКМБ – 3, Кадам-Жай райондук ЭСКМБ – 2, Баткен район аралык ЭСКМБ – 2, Токтогул райондук ЭСКМБ – 2, Чаткал райондук ЭСКМБ – 1, Ноокен райондук ЭСКМБ – 11, Ала-Бука райондук ЭСКМБ – 9, Жалал-Абад шаардык ЭСКМБ – 11, Майлуу-Суу шаардык ЭСКМБ – 2 , Тогуз -Торо райондук ЭСКМБ – 1, Бишкек шаары Биринчи май райондук ЭСКМБ – 3, Октябрь райондук ЭСКМБ – 6.

**Сунуштама**

Аймактык бөлүмдөрдөгү социалдык кызматкерлердин штаттык бирдигинин саны Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-июлундагы №365 токтому менен бекитилген "Үйүнө барып социалдык жактан тейлөө жөнүндө" типтүү Жобого ылайык шайкеш келтирилсин.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-июлундагы №365 токтому менен бекитилген "Үйүнө барып социалдык жактан тейлөө жөнүндө" типтүү Жобонун талаптарын бузуу менен, Башкармалыктардагы социалдык кызматкерлердин санынын ашыкча штаттык ырааттамада бекитилүүсүнө жол берген тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана Корутунду**

Бишкек шаарынын райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыктары тарабынан Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы № 266 ПЖ "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгынын талаптарына шайкеш келбеген шартта, Бишкек шаардык Кеңешинин 2023-жылдын 3-майындагы № 84 "2023-жылга Бишкек шаарынын бюджетин бекитүү жана 2024-2025-жылдарга болжолу жөнүндө" токтомуна негизделип, 2023-жылга жергиликтүү бюджеттин эсебинен **16 486,2 миң сом** суммасында кызматкерлерге **материалдык жардам** көрсөтүлгөн, анын ичинен: Ленин району 4 470,3 миң сом, Октябрь району 4 090,8 миң сом, Биринчи май району 3 410,3 миң сом, Свердлов району 4 514,8 миң сом.

Ошондой эле Ак-Суу психоневрологиялык социалдык стационардык мекемесинде **- 72,5** миң сомго **материалдык жардам** көрсөтүлгөн.

**Сунуштама**

Бишкек шаардык кеңешине:

- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы № 266 ПЖ “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгынын талаптары так сакталсын.

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралбаган төлөмдөргө жол берилбесин.

Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына:

Бишкек шаарынын райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыктары тарабынан жергиликтүү бюджеттин эсебинен 16 486,2 миң сом суммасында (Ленин району-4 470,3 миң сом, Октябрь району- 4 090,8 миң сом, Биринчи май району-3 410,3 миң сом, Свердлов району-4 514,8 миң сом) кызматкерлерге материалдык жардам көрсөтүлгөндүгү боюнча маалымат тиешелүү кароо үчүн жөнөтүлсүн.

**Аныкталды жана Корутунду**

Райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыктары тарабынан Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 106,107 беренелеринин талаптары бузулуп буйрук менен ченемге салынбаган жумуш күнү үчүн айлык акынын 10 % өлчөмүндө **3 500,2 миң сом** суммасында (социалдык чегерүүлөрдү кошкондо) кошумча төлөм эсептелген. Ченемге салынбаган жумуш күнү менен иштеген кызматкерлердин кызмат орундарынын тизмеги жамааттык келишим, макулдашуу менен же уюмдун ички эмгек тартиби менен белгиленген эмес, жумушка келүүнүн жана кетүүнүн эсеби жумуш убактысын пайдалануунун аныкталган формадагы жылдык табелдик карточкаларда жана башка документтерде көрсөтүлгөн эмес, анын ичинде райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыктары тарабынан: Ленин 853,2 миң сом, Октябрь 829,8 миң сом, Биринчи май 1028,2 миң сом, Свердлов 789,0 миң сом.

**Сунуштама**

Райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыктары тарабынан ченемге салынбаган жумуш күнү үчүн кошумча төлөөдө Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 106,107- беренелеринин талаптарын бузуу менен 3 500,2 миң сомго, анын ичинен Ленин району 853,2 миң сом, Октябрь району 829,8 миң сом, Биринчи май району 1028,2 миң сом, Свердлов району 789,0 миң сом төлөм жүргүзүүгө жол берген тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана Корутунду**

Бишкек шаарынын райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыктары тарабынан он үчүнчү эмгек акы буйругу жок 3 503,8 миң сомго төлөнгөн, анын ичинде: Октябрь району-1 771,4 миң сом, Свердлов району-1 732,4 миң сом.

Ошондой эле, Бишкек шаарынын Свердлов райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыгы Бишкек шаардык Кеңешинин 2023-жылдын 3-майындагы № 84 “2023-жылга Бишкек шаарынын бюджетин бекитүү жана 2024-2025-жылдарга болжолу жөнүндө” токтомунун 10.13. пункутунун негизинде кызматкерлердин кызматтык маянасына 50 пайыз өлчөмдө 3 675,6 миң сом кошумча төлөм буйругу жок төлөнгөн.

**Сунуштама**

Бишкек шаарынын райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыктары он үчүнчү эмгек акы жана кызматчыларынын кызматтык маянасына 50 пайыз өлчөмдө кошумча төлөмдөр буйруктун (чыгаруу менен) негизинде төлөнүүсү камсыздалсын.

## Төмөнкү Серафимовкадагы Б. Салиева атындагы жалпы типтеги улгайган жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын социалдык стационардык мекемеси

**Аныкталды жана корутунду**

Төмөнкү Серафимовкадагы Б. Салиева атындагы жалпы типтеги улгайган жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын социалдык стационардык мекемесинде, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 184 токтому менен бекитилген “Улгайган жарандар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн психоневрологиялык социалдык стационардык мекемелердин административдик-чарбалык жана медициналык персоналынын типтүү штаттарынын” талаптарына ылайык талдоо жүргүзүүдө 2022-2023-жылдары орточо жылдык жатак орун 311 ден 319 чейинкини түзүп же болбосо жатак орундардын толукталышы 63-70% түзгөн. Социалдык стационардык мекемесинде штаттык ырааттамада бирдиктер 500 киши жатак орунга эсептелгендиктен, жыйынтыгында 2023-жылы 48 штаттык бирдик ашыкча кармалган жана алардын 1 жылдык эмгек акы фонду **8 971,2 миң сом**, Соцфондук төлөмдөр 1 547,5 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

Төмөнкү-Серафимовкадагы Б. Салиева атындагы жалпы типтеги улгайган жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын социалдык стационардык мекемесиндеги ашыкча кармалган 48 штаттык бирдиктер, Социалдык стационардык мекемесинин 31.01.2024-жылдагы №1 жана Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин 31.01.2024-жылдагы № 17 буйругуна негизделип

кыскартылып, 230 штаттык бирдиктин ордуна 191 штаттык бирдик менен бекитилгендиги эске алынсын.

Мындан ары, штаттык бирдиктерди түзүү, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 184 токтому менен бекитилген "Улгайган жарандар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн психоневрологиялык социалдык стационардык мекемелердин административдик-чарбалык жана медициналык персоналынын типтүү штаттарына" ылайык жүргүзүлсүн.

**Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Эмгек мыйзамдарын контролдоо жана көзөмөлдөө боюнча кызматы**

**Аныкталды жана корутунду**

2023-жылдын 7-мартынын № 13-од жана 2023-жылдын 26-сентябрынын № 55-од буйруктарынын негизинде материалдык бухгалтеринин иш милдеттери жаңы кызматкер алынганга чейин Кызматтын башкы бухгалтери Б.Э. Айдралиевага жүктөлгөн. Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 74-беренесинин талаптарын бузуу менен, убактылуу ордун ээлөөнүн узактыгы 3 айдан ашпашы керек деп белгиленгендигине карабастан, 2023-жылы 6 ай иштеген, кызматтык маянасына 60% үстөк акыны кошуп **49,6** миң сом төлөнгөн.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине караштуу Эмгек мыйзамдарын контролдоо жана көзөмөлдөө боюнча кызматы тарабынан кызматкерлердин убактылуу ордун ээлөөнүн узактыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 35-беренесинин талаптары так аткарылсын.

**Аламүдүн райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы**

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 184 токтому менен бекитилген "Калкты социалдык камсыздоо системасынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жобонун 15-пункутунун талаптары сакталбастан, 2023-жылдын 15-октябрындагы № П-3/101 буйругунун негизинде **309,9 миң** сом сый акы төлөнүп берилген, аудитке эмгектин жогорку жана сапаттуу натыйжалары, өндүрүштүк планды аткаргандыгы, кесиптик жана чыгармачылык демилге көрсөткөндүгү тууралуу тастыктоочу иш кагаздары көрсөтүлгөн эмес.

**Сунуштама**

Аламүдүн райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы тарабынан Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 184 токтому менен бекитилген "Калкты социалдык камсыздоо системасынын кызматкерлерине

эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жобонун 15-пункутунун талаптары сакталбастан, 2023-жылдын 15-октябрындагы № П-3/101 буйругунун негизинде **309,9 миң** сом сый акы төлөмгө жол берген тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Россия Федерациясындагы Өкүлчүлүгү**

**Аныкталды жана Корутунду**

Өкүлчүлүктүн аудитке берилген № 2 Отчетуна ылайык, кызматкерлердин эмгек акысынын 2023-жылга кассалык чыгымы – 25 013,1 миң сомду, факт жүзүндөгү чыгымы – 24 892,5 миң сомду түзгөн, бирок Өкүлчүлүк тарабынан 2024-жылдын 1-январына карата 1 027,6 миң сом (1032,3 миң рубль) эмгек акыга алдын ала 32174900 коду боюнча (аванс) төлөнүп берилген. Бухгалтердик эсепте эмгек акы боюнча дебитордук карыз 2024-жылдын 1-январына карата 1 027,6 миң сомду түзгөн.

**Сунуштама**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Россия Федерациясындагы Өкүлчүлүгү боюнча эмгек акы төлөөдө жылдын аягында дебитордук карыздарга жол берилбесин.

**Социалдык фонд менен эсептешүүлөрдүн абалы**

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы № 2-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча" Жобонун 7-главасынын, "Дебитордук карызды эсепке алуу" параграфынын юридикалык жактар менен эсептешүүнү эсепке алуу бөлүгүн бузуу менен, бухгалтердик эсепте көрсөтүлбөгөн **13 130,9 миң сомдук** дебитордук карыздар төмөндөгү мекемелерде аныкталып, 4 976,1 миң сом бухгалтердик эсепке кириштелди, анын ичинен: Эмгек мыйзамдарын контролдоо жана көзөмөлдөө боюнча кызматы – 1 233,6 миң сом, Борбордук аппарат – 3 652,6 миң сом, Талас райондор аралык ЭСКМБда - 89,9 миң сом, калдыгы 8 154,8 миң сом, анын ичинен: Бишкек шаарынын райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыгы: Ленин-2 130,5 миң сом, Свердлов-1 904,0 миң сом, Биринчи май-2 390,1 миң сом, Октябрь-1 730,2 миң сом.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген, "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча" Жобого ылайык, дебитордук карыздарды өз убагында эсепке алуу жана толук көрсөтүү бөлүгүнүн аткарылышы камсыздалып, тиешелүү бухгалтердик жазууларды жүргүзүү жана бухгалтердик эсепке алуу боюнча дебитордук карыздардын 8 154,8 миң сом суммасы төмөндөгү райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыктарында калыбына келтирилсин: Ленин району боюнча -2 130,5 миң сом, Свердлов району боюнча -1 904,0 миң сом,

Биринчи май району боюнча - 2 390,1 миң сом, Октябрь району боюнча - 1 730,2 миң сом.

**Касса, кассалык жана казыналык жүргүзүлгөн операциялар**

Казыналык жүргүзүлгөн операциялар Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин автоматташтырылган "kazna.okmot.kg" маалыматтык системасында жүргүзүлгөн.

2023-жылы Министрлик тарабынан борбордук аппарат жана 82 райондук башкармалыктарынын түзүмдүк бөлүмдөрү 20 252 778,6 миң сомго каржыланган.

Министрликтин бюджеттик эсебинен республикалык бюджеттен 2023-жылга жалпысынан 20 316 277,6 миң сом каржыланган, кассалык чыгымдар 20 252 778,6 миң сом, өздүк эсебиндеги сумманын калдыгы 63 498,9 миң сом. Ошондой эле, Россия Федерациясындагы Өкүлчүлүгү Россия Федерациясынын "Борбордук" Банк ВТБ филиалынан каражаттарды чыгымдоого өздүк эсеби ачылган, эсебине Кыргыз Республикасынын чет өлкөдө кайтыш болгон жарандарынын сөөгүн Кыргыз Республикасына жеткирүү менен байланышкан чыгымдарды компенсациялоого республикалык бюджеттен бөлүнгөн акча каражатты жана аппараттын чыгымдарына 2023-жылга такталган смета 57 840,4 миң сом, кассалык чыгымдар 58 406,3 миң сом, өздүк эсебиндеги сумманын калдыгы 2023- жылдын 1-январына 2 684,8 миң сом жана 2023-жылдын 31-декабрына 2 121,2 миң сом.

*Жергилүктүү бюджеттин аткарылышы*

Бишкек шаарынын райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыктарынын даректүү социалдык жардамга жергилүктүү бюджеттен жылдын аягына калган калдыктын суммасы 2 592,4 миң сом, анын ичинде райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыктары: Ленин - 1 961,5 миң сом, Свердлов - 348,8 миң сом, Биринчи май - 89,7 миң сом, Октябрь - 192,4 миң сом.

**Банктык кызмат көрсөтүүлөргө тарифтерди белгилөө**

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын 2012-жылдын 14-майындагы № 289/5/1 токтому менен бекитилген 2012-2017-жылдарга Кыргыз Республикасында накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча Мамлекеттик программаны ишке ашыруунун алкагында "Банктардагы алуучулардын жеке эсептерине мамлекеттик пособиелерди жана акчалай компенсацияларды төлөө" долбоорун киргизүү боюнча биргелешкен иш-чаралар жөнүндө "Банктар аралык процессинг борбору" ЖАКы менен Меморандумга кол коюлган, ("Элкарт") алуучулардын жеке эсептерине мамлекеттик пособиелерди жана акчалай

компенсацияларды төлөө" долбоорунун алкагында, төлөмдөрдү жана акчалай компенсацияларды алуучуларды банктык тейлөө боюнча келишимдер иштелип чыккан жана макулдашылып 17 банк мекемеси менен келишимдерге кол коюлган.

Мамлекеттик пособиелерди жана акчалай компенсацияларды төлөө үчүн банк мекемелеринин кызматтары төлөнгөн сумманын 0,3 – 0,5% өлчөмүн түзөт. 2023-жылы республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен "Элкарт" улуттук төлөм системасы аркылуу социалдык төлөмдөрдү алуучулардын эсебин жүргүзүү жана акча каражаттарын чегерүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр үчүн банктарга 86 584,4 миң сом 0,3-0,5% тариф боюнча төлөнгөн жана аудитке колдонулуп жаткан тарифтин чыгымдарынын экономикалык негиздемеси берилген эмес.

Иш жүзүндө банк кызматтары эмгек акы операцияларын тейлөө үчүн акы алынбайт, ал эми социалдык жөлөкпул алуучулардын эсептерин тейлөө үчүн 0,3-0,5% тариф белгиленген. Министрлик тарабынан 2012-жылдан бери эсептерди жүргүзүү жана алуучулардын эсебине акча каражаттарын чегерүү боюнча банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифин кайра карап чыгуу боюнча иштер жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама**

Мамлекеттик жөлөкпулдарды жана акчалай компенсацияларды төлөөдө эсептерди жүргүзүү жана алуучулардын эсебине акча каражаттарын чегерүү боюнча банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифин кайра карап чыгуу маселеси каралсын.

## Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 15-январындагы № 7 "Социалдык чөйрөдөгү мекемелердеги тамак-аштын акчалай ченемдери жөнүндө" токтомунун аткарылышы

Министрликтин карамагында 16 социалдык стационардык мекеме бар, мекемелер республикалык бюджеттен каржыланат жана мекемелерде 2332 кызмат алуучулар бар.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 30-декабрындагы № 640 "Социалдык стационардык мекемелерде жана Кыргыз Республикасынын Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин алдындагы ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн реабилитациялоо борборлорунда тейленүүчүлөрдү багуунун мамлекеттик минималдуу социалдык стандарттарын бекитүү жөнүндө" токтому менен майыптарды жана улгайган адамдарды социалдык тейлөөнүнү сапатын жакшыртуу, алардын социалдык кызматтарга жетүү мүмкүнчүлүгүн камсыздоо, социалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жана коопсуздугун камсыздоо максатында, социалдык мекемелерде турган жарандарды социалдык тейлөөнүн минималдуу социалдык стандарттары киргизилген.

2-формадагы "Бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө отчетго" ылайык:

- 2217 “Медициналык багыттагы буюмдарды жана медикаменттерди сатып алуу” беренеси боюнча кассалык чыгымдар 11 034,1 миң сомду түзгөн;

- 2218 “Тамак-аш продуктыларын сатып алуу” беренеси боюнча кассалык чыгымдар 168 298,5 миң сомду түзгөн.

Ошондой эле, Покровкадагы аралаш психоневрологиялык социалдык стационардык мекеме менен, мекеменин материалдык базасын жакшыртуу үчүн 8 449,3 миң сом суммасында Япония Өкмөтүнүн “Чөптүн тамыры жана адам коопсуздугу” программасынын алкагында Кыргыз Республикасындагы Япония Элчилиги менен демөөрчүлүк жардам көрсөтүү жөнүндө келишим түзүлүп жардам көрсөтүлгөн.

**Негизги өндүрүштүк материалдарды жана негизги фонддорду сатып алуу үчүн каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугуна жана сарамжалдуулугу**

**Аныкталды жана корутунду**

Негизги фонддорду сатып алуу үчүн каражаттарды пайдалануунун натыйжалуулугуна жана сарамжалдуулугун анализдөөдө, Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин 2024-жылдын 17-январынын № 4 Тескемесинин негизинде майыптыгы бар адамдардын, анын ичинде балдардын физикалык чөйрөсүнө жеткиликтүү шартты түзүү, ошондой эле аларды майыптар үчүн кресло-коляскалар менен оперативдүү камсыз кылуу максатында Аймактык бөлүмдөргө, райондук социалдык камсыздоо башкармалыгына 420 стандартык кресло-коляскалар берилген, стандартык болгондугуна байланыштуу колдонуга жарамсыздык болуп 210 коляска жараксыз запастардын фактыларын жаратып, пландаштырылган максаттарга жетпестен, колдонулбаган стандарттык кресло-коляскалардын жалпы суммасы **2 352,0 миң сомду** түзөт.

**Сунуштама**

Колдонууга жараксыз болгон стандарттык кресло-коляскалардын сатып алынышына жол берген тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Жылуулук, электр энергиясын, жаратылыш газын, сууну жана агынды сууларды керектөөнүн чектөөсүн, байланышка чыгымдардын, транспорт каражаттарына чектөөлөрдүн, автотранспортту пайдаланууну**

Министрликтин ведомстволук жана аймактык бөлүнүштөрүнүн “Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр” беренеси боюнча чыгымдар:

- “Бензин, дизель жана башка отун” беренеси боюнча кассалык чыгымдар – 6 259,6 миң сом, факт жүзүндөгү чыгымдар -6 219,4 миң сом;
- “Запастык бөлүктөрдү алуу” беренеси боюнча кассалык чыгымдар-1 051,5 миң сом, факт жүзүндөгү чыгымдар – 953,6 миң сом;

- “Транспорт каражаттарын тейлөө” беренеси боюнча кассалык чыгымдар – 2 358,4 миң сом, факт жүзүндөгү чыгымдар 2 111,3 миң сом;
- “Башка транспорт кызматын көрсөтүү” беренеси боюнча кассалык чыгымдар - 13 279,7 миң сом, факт жүзүндөгү чыгымдар- 13 256,5 миң сом.

Министрликтин ведомстволук жана аймактык бөлүнүштөрүнүн “Байланыш кызматын көрсөтүү” беренеси боюнча чыгымдар:

- “Телефондук жана факсимилдик байланыш кызматын көрсөтүү” беренеси боюнча кассалык чыгымдар – 6 881,9 миң сом, факт жүзүндөгү чыгымдар – 6 629,2 миң сом;
- “Уюлдук байланыш кызматын көрсөтүү” беренеси боюнча кассалык чыгымдар -3 081,8 миң сом, факт жүзүндөгү чыгымдар - 2 929,3 миң сом;
- “Фельдегердик байланыш кызматын көрсөтүү” беренеси боюнча кассалык чыгымдар -4,9 миң сом, факт жүзүндөгү чыгымдар – 4,1 миң сом;
- “Почталык байланыш кызматын көрсөтүү” беренеси боюнча кассалык чыгымдар – 188,0 миң сом, факт жүзүндөгү чыгымдар – 170,1 миң сом;
- “Башка байланыш кызматын көрсөтүү” беренеси боюнча кассалык чыгымдар - 3 607,2 миң сом, факт жүзүндөгү чыгымдар - 3 525,7 миң сом.

Министрликтин ведомстволук жана аймактык бөлүнүштөрүнүн “Коммуналдык кызматтар” беренеси боюнча чыгымдар:

- “Суу акысы” беренеси боюнча кассалык чыгымдар- 3 527,8 миң сом, факт жүзүндөгү чыгымдар - 3 118,9 миң сом;
- “Электр энергиясы үчүн акы” беренеси боюнча кассалык чыгымдар - 32 838,2 миң сом, факт жүзүндөгү чыгымдар - 30 669,2 миң сом;
- “Жылуулук энергиясы үчүн акы” беренеси боюнча кассалык чыгымдар - 1 728,7 миң сом, факт жүзүндөгү чыгымдар - 1 872,4 миң сом;
- “Газ үчүн акы” беренеси боюнча кассалык чыгымдар - 118,8 миң сом, факт жүзүндөгү чыгымдар - 113,3 миң сом;
- “Башка коммуналдык кызматтар үчүн акы” беренеси боюнча кассалык чыгымдар -1 349,9 миң сом, факт жүзүндөгү чыгымдар -1 551,7 миң сом.

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин 2023-жылдын 4-апрелиндеги №11 “2023-жылга электр, жылуулук энергиясын жана жаратылыш газын керектөөнүн жылдык лимиттерин бекитүү жөнүндө” буйругун бузуу менен, ведомстволук мекемелерде **электр энергиясы 441,9 миң сом** суммасында ашыкча колдонулган, анын ичинен: Жайыл психоневрологиялык социалдык стационардык мекеме – 326,5 миң сом; Бишкек ИКККБ – 65,2 миң сом, Ош МРЭСКМБ – 50,2 миң сом.

**Сунуштама**

Мындан ары, электр энергиясын керектөөдө бекитилген лимиттер так сакталсын, каражаттарды рационалдуу колдонуу боюнча чаралар көрүлсүн.

**Мыйзамдарга ылайык, мамлекеттик жөлөкпулдарды, жеңилдиктердин ордуна берилүүчү акчалай компенсацияларды жана башка социалдык төлөмдөрдү дайындоо жана төлөө**

Министрлик тарабынан мамлекеттик жөлөкпулдарды, жеңилдиктердин ордуна акчалай компенсацияларды жана башка социалдык төлөмдөрдү каржылоо социалдык камсыздоо департаментинин өтүнмөлөрүнө ылайык жүргүзүлөт.

Министрликтин бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасы:

- 2721 “Калкка социалдык жардам боюнча жөлөкпул” беренеси боюнча 17 541 221,2 миң сомго смета боюнча бекитилген, такталган смета 17 940 118,1 миң сомду, кассалык чыгымдар 17 916 481,9 миң сомду, факт жүзүндөгү чыгымдар 17 961 352,9 миң сомду түзгөн, анын ичинде:

- “Аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө жөлөкпулдар” кассалык чыгымдар – 5 025 096,1 миң сом жана факт жүзүндөгү чыгымдар – 5 025 147,6 миң сом;

- “Бала төрөлгөндө бир жолку жөлөкпул” кассалык чыгымдар – 584 035,2 миң сом жана факт жүзүндөгү чыгымдар – 570 422,0 миң сом;

- “Жумушсуздук боюнча жөлөкпулдар” кассалык чыгымдар – 587,9 миң сом жана факт жүзүндөгү чыгымдар – 586,1 миң сом;

- “Социалдык жөлөкпулдар” кассалык чыгымдар – 8 417 194,9 миң сом, жана факт жүзүндөгү чыгымдар – 8 416 994,5 миң сом;

- “Кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпулдар” кассалык чыгымдар – 504 999,9 миң сом жана факт жүзүндөгү чыгымдар – 519 331,7 миң сом, айырма жылдын башындагы дебитордук карыз;

- “Сөөк коюуга жөлөк пулдарды төлөө” кассалык чыгымдар – 70 015,9 миң сом жана факт жүзүндөгү чыгымдар – 69 792,4 миң сом;

- “Жеңилдиктердин ордуна компенсациялар жана калкка жеңилдиктер” кассалык чыгымдар - 1 064 361,0 миң сом жана факт жүзүндөгү чыгымдар – 1 109 887,3 миң сом;

- “Кесиптик окутуу чыгымдары” кассалык чыгымдар – 39 604,2 миң сом жана факт жүзүндөгү чыгымдар – 38 596,8 миң сом;

- “Коомдук жумуштарды уюштурууга чыгымдар” кассалык чыгымдар – 39 739,1 миң сом жана факт жүзүндөгү чыгымдар -39 746,9 миң сом;

- Социалдык контракт кассалык чыгымдар – 1 000 000,0 миң сом жана факт жүзүндөгү чыгымдар - 1 000 000,0 миң сом;

- “ДМЧ баланын жеке жардамчысынын чыгымдары” кассалык чыгымдар – 1 170 847,6 миң сом жана факт жүзүндөгү чыгымдар – 1 170 847,6 миң сом. 2024-жылдын 1-январына карата алуучулардын саны 391 893 адам.

## Даректүү социалдык жардам

**Аныкталды жана Корутунду**

Бишкек шаарынын жарды үй-бүлөлөрүнө жана жеңилдетилген категорияларына бир жолку материалдык жардам көрсөтүү максатында

Бишкек шаардык кеңешинин 2012-жылдын 12-июнундагы № 316 “Бишкек шаарынын аз камсыз болгон жана жеңилдик алууга укугу бар тургундарына социалдык колдоо көрсөтүү жөнүндө” токтому кабыл алынган.

Башкармалык тарабынан 2023-жылдын бюджетинин резервдик фондунун эсебинен Бишкек шаарынын мэриясынын тескемесинин негизинде кошумча бир жолу берилүүчү материалдык жардам Бишкек шаардык Кеңешинин 2012-жылдын 12-июнундагы № 316 токтому менен бекитилген “Бишкек шаарынын жарды жана жеңилдик алууга укугу бар тургундарына даректүү социалдык жардам берүү тартиби жөнүндө” Жобонун 22-пунктунун талаптарын бузуу менен жардамга муктаждыгын далилдеген документтери, анын ичинде арыз ээсинин турак-жай-тиричилик шарттарын текшерүү актысына ылайык жана муктаждыгын далилдеген документтердин негизинде (паспорт, ыйгарым укуктуу органдан үй-бүлөнүн курамы, кирешеси, окуусу тууралуу маалымкат, ошондой эле дарылануунун, дары-дармек препараттарынын, операцияны өткөрүү наркын далилдеген документтердин жана коммуналдык кызматтарга, газ менен камсыздоого жана электр энергиясына карыздары барлыгы) жок берилген.

Бир жолу берилүүчү **материалдык жардам** Бишкек шаарынын мэриясынын тескемесинин негизинде **8 367,6 миң сом** рационалдуу колдонулган эмес, анын ичинен: Биринчи Май району тарабынан – 4 749,0 миң сом, Свердлов району - 2 718,6 миң сом, Октябрь району - 900,0 миң сом.

**Сунуштама**

Бишкек шаарынын жарды үй-бүлөлөрүнө жана жеңилдетилген категорияларына бир жолку материалдык жардам көрсөтүүдө Бишкек шаардык Кеңешинин 2012-жылдын 12-июнундагы № 316 токтому менен бекитилген “Бишкек шаарынын жарды жана жеңилдик алууга укугу бар тургундарына даректүү социалдык жардам берүү тартиби жөнүндө” Жобонун 22-пунктунун талаптарын бузуу менен, жардамга муктаждыгын далилдеген документтери жок 8 367,6 миң сомго, анын ичинен, Биринчи Май району боюнча – 4 749,0 миң сом, Свердлов району боюнча - 2 718,6 миң сом, Октябрь району боюнча - 900,0 миң сом материалдык жардам берген тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана Корутунду**

Бишкек шаардык Кеңешинин 2012-жылдын 12-июнундагы № 316 токтому менен бекитилген “Бишкек шаарынын жарды жана жеңилдик алууга укугу бар тургундарына даректүү социалдык жардам берүү тартиби жөнүндө” Жобонун 18-пунктунун талаптарын бузуу менен күн сайын берилүүчү ысык тамак-аш жарды жалгыз турган жарандарга комиссиясынын чечими, турак-жай-тиричилик шарттарын, ошондой эле, Медициналык-социалдык эксперттик комиссиясы (МСЭК) жана үй-бүлө тууралуу маалымкаты жок, буйрук менен бекитилбестен **4 561,9 миң сом**

төлөнгөн, анын ичинен: Биринчи Май району боюнча – 2 246,4 миң сом, Свердлов району боюнча - 2 315,5 миң сом.

**Сунуштама**

Жарды жалгыз турган жарандарга күн сайын ысык тамак-аш берүүдө Бишкек шаардык Кеңешинин 2012-жылдын 12-июнундагы № 316 токтому менен бекитилген "Бишкек шаарынын жарды жана жеңилдик алууга укугу бар тургундарына даректүү социалдык жардам берүү тартиби жөнүндө" Жобонун 18-пунктунун талаптарын бузуу менен **4 561,9 миң сомго**, анын ичинен: Биринчи Май району – 2 246,4 миң сом, Свердлов району- 2 315,5 миң сом ысык тамак-аш берген тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана Корутунду**

Бишкек шаарынын административдик райондорунун социалдык өнүгүү башкармалыктары аркылуу өзгөчө социалдык жактан аярлуу жарандарга социалдык жардам Бишкек шаардык Кеңешинин 2012-жылдын 12-июнундагы № 316 "Бишкек шаарынын жарды жана жеңилдик алууга укугу бар тургундарын социалдык жактан колдоо жөнүндө" токтому менен бекитилген "Бишкек шаарынын жарды жана жана жеңилдик алууга укугу бар тургундарына даректүү социалдык жардам берүү тартиби жөнүндө" Жобого ылайык, жыл сайын милдеттүү түрдө каттоодон өтүү менен, турак-жай-тиричилик шарттарын текшерген актынын, социалдык паспорттун жана арыз ээсинин статусун аныктоочу документтердин негизинде арыз берүү принциби боюнча берилет.

Ошого карабастан, мыйзамдарда каралган өзгөчө муктаж жарандарды, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды мамлекеттик колдоо маселелерин чечүү үчүн, шаардык бюджеттин каражаттарынын жетишсиздигинин шарттарында, Бишкек шаардык кеңешинин депутаттарынын Бишкек шаарынын административдик райондоруна жазган каттарынын негизинде (комиссиянын кароосунан тышкары) жергиликтүү бюджеттен (706-берене) кошумча каражаттарды системалуу түрдө каржылоо фактылары аныкталган.

2023-жыл ичинде Бишкек шаардык кеңештин депутаттарынын атынан шаар тургундарына майрамдарга белектерди сатып алууга, материалдык жардам көрсөтүүгө, анын ичинде өзгөчө социалдык же медициналык мүнөздөмөсү жок туруп, шаардын жарандарына иш-чараларды уюштурууга **61 556,3 миң сом** акча каражаты рационалдуу эмес колдонулган, анын ичинен: Биринчи Май району – 14 810,5 миң сом, - Ленин району - 30 203,5 миң сом, Свердлов району - 10 458,3 миң сом, Октябрь району - 6 084,0 миң сом.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын бардык ченемдик укуктук актыларын сактоо жана уюмдун белгиленген Жобосуна ылайык милдеттерин так аткаруу менен, Бишкек шаарынын аз камсыз болгон жарандарына жардам

көрсөтүү үчүн башкармалыктын каражаттарын рационалдуу пайдалануу камсыз кылынсын.

Бишкек шаардык кеңешине жана Бишкек шаарынын мэриясына:

Бишкек шаардык кеңешинин депутаттарынын каттарынын негизинде, Бишкек шаардык кеңешинин 2012-жылдын 12-июнундагы №316 токтому менен бекитилген "Бишкек шаарынын жарды жана жеңилдик алууга укугу бар тургундарына даректүү социалдык жардам берүү тартиби жөнүндө" Жобонун 7-пункутунун талаптарына шайкеш келбеген шартта, жергиликтүү бюджеттен акча каражаттарын бөлүүнү токтотуу боюнча чаралар көрүлсүн.

Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына:

Бишкек шаардык кеңештин депутаттарынын атынан шаар тургундарына майрамдарга белектерди сатып алууга, материалдык жардам көрсөтүүгө, шаардын жарандарына иш-чараларды уюштурууга 61 556,3 миң сом (Биринчи Май району-14 810,5 миң сом, Ленин району- 30 203,5 миң сом, Свердлов району -10 458,3 миң сом, Октябрь району-6 084,0 миң сом) акча каражаты чыгымдалышы боюнча маалымат тиешелүү кароо үчүн жөнөтүлсүн.

**Аныкталды жана Корутунду**

Бишкек шаардык Кеңешинин 2012-жылдын 12-июнундагы №316 токтому менен бекитилген "Бишкек шаарынын жарды жана жеңилдик алууга укугу бар тургундарына даректүү социалдык жардам берүү тартиби жөнүндө" Жобонун 7-пункутунун талаптарын бузуу менен турак-жай-тиричилик шарттарын текшерилген актынын, арызчынын статусун аныктаган социалдык паспорту жок **22 301,4 миң сом** акча каражатына материалдык жардам көрсөтүлүп, рационалдуу эмес колдонулган, анын ичинен: Свердлов району - 6 748,4 миң сом, Октябрь району 15 553,0 миң сом.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын бардык ченемдик укуктук актыларын сактоо жана уюмдун белгиленген Жобосуна ылайык милдеттерин так аткаруу менен, Бишкек шаарынын аз камсыз болгон жарандарына жардам көрсөтүү үчүн башкармалыктын каражаттарын рационалдуу пайдаланууну камсыз кылынсын.

Бишкек шаарынын мэриясына:

- Бишкек шаардык Кеңешинин 2012-жылдын 12-июнундагы №316 токтому менен бекитилген "Бишкек шаарынын жарды жана жеңилдик алууга укугу бар тургундарына даректүү социалдык жардам берүү тартиби жөнүндө" Жобонун 7-пункутунун талаптары сакталсын.

Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына:

Бишкек шаарынын райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыктары тарабынан 22 301,4 миң сомго (Свердлов району -6 748,4 миң сом, Октябрь

району-15 553,0 миң сом) жарандарга материалдык жардам көрсөтүлгөндүгү боюнча маалымат тиешелүү кароо үчүн жөнөтүлсүн.

*"Үй-бүлөгө көмөк" мамлекеттик жөлөкпул жөнүндөгү маселе*

**Аныкталды жана Корутунду**

Министрликтин аймактык бөлүмдөрү тарабынан аз камсыз болгон адамдарга "Үй-бүлөгө көмөк" жөлөкпулдарды дайындоодо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүүнүн жоктугунан улам калктын жашоо шарттарын, финансылык абалдарын изилдөө боюнча актыларды түзүү боюнча тийиштүү иштер жүргүзүлгөн эмес. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 19-апрелиндеги № 216 "Кыргыз Республикасында жакыр үй-бүлөлөрдүн социалдык паспортторун киргизүү жөнүндө" токтомунун 2-пунктунда көрсөтүлгөн конкреттүү үй-бүлөнү жакырчылыктан чыгаруунун жекече программаларын аткаруу боюнча иштер уюштурулган эмес.

Аудит Министрликтин аймактык бөлүмдөрүнүн адистери тарабынан "Үй-бүлөгө көмөк" мамлекеттик жөлөкпулун дайындоо максатында үй-бүлөнүн кирешесин аныктоодо тобокелдиктин бар экендигин белгилейт.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 19-апрелиндеги № 216 "Кыргыз Республикасында жакыр үй-бүлөлөрдүн социалдык паспортторун киргизүү жөнүндө" токтомунда көрсөтүлгөн милдеттерди ишке ашыруу боюнча чаралар көрүлсүн.

*Мамлекеттик жөлөкпулдарды дайындоодо жана төлөөдө бузуулар*

**Аныкталды жана Корутунду**

Шаардык жана райондук башкармалыктар тарабынан көзөмөлдүн жоктугунан жана мониторинг жүргүзүлбөгөндүктөн, жөлөкпул алуучулардын каза болгондугуна, жашаган жерлери жана кирешелери өзгөргөндүгүнө байланыштуу ордуна коюлбаган (кайтарылбаган) 134,0 миң сом, анын ичинен: 52,5 миң сом ордуна коюлган, 81,5 миң сом калдыгы, ашыкча төлөм аныкталган, анын ичинде: Чаткал райондук ЭСКМБгы - 54,9 миң сом ордуна коюлган эмес, Чоң-Алай райондук ЭСКМБгы -12,2 миң сом кайтарылыш керек, Алай райондук ЭСКМБгы -14,4 миң сом кайтарылды, Кара-Кулжа райондук ЭСКМБгы – 12,9 миң сом кайтарылды, Аксы райондук ЭСКМБгы- 14,4 миң сом ордуна коюлган эмес, Сузак райондук ЭСКМБгы -7,2 миң сом ордуна коюлган, Араван райондук ЭСКМБгы-3,6 миң сом ордуна коюлган, Нокат райондук ЭСКМБгы-14,4 миң сом ордуна коюлган.

**Сунуштама**

"Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 29-июнундагы № 307 "Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу жөнүндө" токтомунун талаптарына ылайык, мамлекеттик жөлөкпулдарды дайындоо жана төлөө процесси көзөмөлгө алынып, дайыма мониторинг жүргүзүлүп жана 81,5 миң сом ашыкча

төлөнгөн мамлекеттик жөлөкпулдарды калыбына келтирүү маселеси каралсын, анын ичинде Чаткал райондук ЭСКМБ - 54,9 миң сом,Чоң-Алай райондук ЭСКМБ -12,2 миң сом, Аксы райондук ЭСКМБ - 14,4 миң сом.

Шаардык жана райондук башкармалыктар тарабынан көзөмөлдүн жоктугунан жана мониторинг жүргүзүлбөгөндүктөн, жөлөкпул алуучулардын каза болгондугуна, жашаган жерлери жана кирешелери өзгөргөндүгүнө байланыштуу ордуна коюлбаган (кайтарылбаган) 134,0 миң сомго ашыкча төлөм жүргүзүүгө жол берген тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

*Иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү маселелери*

Кыргыз Республикасынын калкынын саны Улуттук статистикалык комитетинин баа берүүчү маалыматтары боюнча, 2023-жылдын 1-ноябрына карата **7 141,8** миң адамды түзгөн. Жумушчу күчү 2 712,7 миң адамды түзгөн, иштеген калктын саны 2 581,1 миң адамды, жумушсуздардын саны 131,6 миң адамды түзгөн.

2024-жылдын 1-январына карата **расмий жумушсуздуктун деңгээли** республика боюнча 2,5%ды түзгөн (бул өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 0,4 пайыздык пунктуга төмөн).

**Иш менен камсыз кылуу кызматтарында эсепте турган жумушсуздардын саны 91,6** миң адам (бул өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 7%га төмөн), анын ичинен р**асмий катталган жумушсуздардын саны 64,6** миң адам.

2024-жылдын 1-январына карата бош орундардын саны **23521** бирдикти түзүп, алардын ичинде жумушчу адистиктерге суроо-талап басымдуулук болгон. 2024-жылдын 1-январына карата **4 580** жумушчу орун суроо-талап кылынбай калган жана бир бош жумушчу орунга 20 адам талапкер болгон.

2024-жылдын 1-январына карата иш менен камсыз кылуу кызматтарына кайрылган жарандардын жалпы саны **158 021** адамды түзгөн, алардын ичинен эмгек жана ишке орноштуруу мыйзамдарынын маселелери боюнча, кесиптик окутуу жана кайра окутуу мүмкүнчүлүгү жөнүндө, кесип тандоо боюнча кеңештерди **112 140** адам алган. Отчёттук мезгилде жумушсуздук боюнча **187** жумушсуз жаранга жөлөкпул дайындалган. Отчёттук мезгилде иш менен камсыз кылуу кызматынын көмөгү астында **16 703** жумушсуз жаран **ишке орноштурулган** (бул өткөн жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу 6%га жогору). Мындан тышкары, ишке орноштурууга көмөк көрсөтүү эмгек рыногунда жигердүү чараларды өткөрүү жолу менен жүзөгө ашырылат.

Эмгек рыногунда жумушсуздардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатуу үчүн, эмгек рыногунун белгилүү-бир кесиптиктеги жумушчу күчүнө керектөөлөрүн эске алып, 2024-жылдын 1-январына карата иш менен камсыз кылуу кызматтары тарабынан **кесиптик окутууга 8 989** адам жөнөтүлгөн. Жумушсуз жарандарды окутуу, негизинен эмгек рыногунда талап кылынган кесиптер боюнча жүргүзүлгөнү. Алар - компьютер

оператору, соода агенти, ашпозчу, косметолог, чач тарач, тырмак жасоочу, укалоочу, визажист, котормочу, 1С билими бар бухгалтери, тигүүчү, айдоочу, электрогаз ширетүүчү жана слесарь-сантехник, аары багуучулук, 2024-жылдын 1-январына карата, убактылуу ишке орноштуруу тартибинде коомдук акы төлөнүүчү жумуштарга **14 172** адам жөнөтүлгөн.

2024-жылдын 1-январына карата эмгек рыногунда активдүү чаралар менен (коомдук акы төлөнүүчү жумуштар, кесиптик окутуу) **21024** жумушсуз камтылган. Жумушсуздук боюнча **78** жумушсуз жаран жөлөкпул алып жатышат.

**Аныкталды жана Корутунду**

Бишкек шаарынын райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыктары маалыматы боюнча 2023-жылдын 1-июлуна карата 16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандардын (үй-бүлөлөрдүн) "Үй-бүлөгө көмөк" жөлөкпул алуучулардын саны 226 үй-бүлө, үй-бүлөдө 737 бала түзгөн. 2022-жылга салыштырмалуу "Үй-бүлөгө көмөк" жөлөкпул алуучулардын саны 12,3% га жогорулаган.

Кыргыз Республикасынын "Калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жөнүндө" Мыйзамынын 13-беренесинин 1.3 пункутунун талаптарын бузуу менен сунушталган ылайыктуу жумуштан эки жолу баш тарткандарды "расмий жумушсузду жана жумуш издөөчүнү эсептен чыгарылбастан" Бишкек шаарынын райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыктарынын жалпы суммасы **5 868,5 миң сом** рационалдуу колдонулган эмес, анын ичинде: Ленин - 1 324,8 миң сом, Свердлов - 1 407,2 миң сом, Биринчи май - 2 116,8 миң сом, Октябрь - 1 019,7 миң сом.

**Сунуштама**

"Үй-бүлөгө көмөк" жөлөкпулун алуучулар боюнча "Калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 13-беренесинин 1.3-пунктунун талаптары аткарылсын жана акча каражаттарын рационалдуу пайдалануу боюнча, Бишкек шаардык Иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү башкармалыгы менен иш-чаралар жүргүзүлсүн.

*Башка мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүү*

**Аныкталды жана Корутунду**

Министрликтин аймактык бөлүмдөрү тарабынан Калкты тейлөө борборлорунан социалдык жардам алган жарандардын каза болгон тизмеси өз убагында талап кылынбайт. Бул каза болгон социалдык жардам алуучуларга жөлөкпулдарды төлөөнү өз убагында токтотуу тобокелдиги бар дегенди билдирет. Ченемдик укуктук актыларда каза болгон жарандар тууралуу маалыматтарды өз убагында алуу тартиби (механизми) көрсөтүлбөгөндүгүн аудит белгилейт. Бул багыттагы системалуу иш министрликтин аймактык бөлүмдөрү тарабынан жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама**

“Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренесине ылайык, жөлөкпул алгандар каза болгондугуна байланыштуу мамлекеттик жөлөкпулду төлөөнү өз убагында токтотуу максатында, мамлекеттик жөлөкпул дайындалган каза болгон адамдар жөнүндө маалыматтарды алууну системалаштыруу маселеси каралсын.

**Дебитордук жана кредитордук карыздар**

2023-жылдын 1-январына карата топтолгон бухгалтердик баланстын 6-тиркемесине ылайык, Министрликтин ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрүнүн дебитордук карызы 72 403,85 миң сомду түзсө, жылдын аягында 80 960,5 миң сомду түзгөн, анын ичинде төмөнкү беренелер боюнча: башка ички дебитордук карыздар – 19 363,3 миң сом, төлөнгөн ички авансsucceeding – 61 597,2 миң сом. 2023-жылдын 1-январына карата топтолгон бухгалтердик баланстын 6-тиркемесине ылайык, Министрликтин ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрүнүн кредитордук карызы 33 044,9 миң сомду түзсө, жылдын аягында 84 595,6 миң сомду түзгөн, анын ичинде төмөнкү беренелер боюнча:

- башка ички кредитордук карыздар – 23 114,7 миң сом;
- эмгек акы боюнча төлөө милдеттемеси – 493,9 миң сом;
- төлөнүүчү эсептер – 8 101,0 миң сом;
- жөлөкпулдар боюнча милдеттемелер – 52 885,9 миң сом.

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби” жөнүндө нускаманын негизинде мекемеде кеңсе жана тиричилик товарлар (31221150; 31221170) **1 873,8 миң сомдук** нормативден ашыкча запастары калган. Эсепке алынууга тийиштүү дебитордук карыздын суммасы (32171 110, 32171 190, 32174 100, 32174 200 элементтери) **15 594,5 миң сом.**

*Аудит мезгилинде, 2024-жылдын 27-декабрында №111374-111380 маалымкат-билдирүүлөрдүн негизинде 8 375,1 миң сом бюджетке эсепке алынган жана Министрлик 2025-жылдын 18-февралындагы № 06/1-10/1571 каты менен 9 093,2 миң сом калдыгы толугу менен эсепке алынгандыгы тууралуу билдирген.*

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражатта

калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптары так сакталсын.

**Социалдык фонд жана бюджет менен эсептешүүлөрдүн абалы**

2023-жылдын 1-январына карата топтолгон бухгалтердик баланста (6-тиркеме) Министрликтин ведомстволук жана аймактык бөлүмдөрүнүн дебитордук карыздары 32174900 эсеби боюнча – 1 500,9 миң сом, жылдын аягына карата – 2 673,4 миң сом же болбосо 1 172,5 миң сомго көбөйгөн. 2023-жылдын 1-январына карата Социалдык фондго төгүмдөр боюнча 170,2 миң сомго, жыл аягына карата 210,4 миң сомго кредитордук карыз бар.

**Кредиттер, ссудалар жана зайымдар**

**Аныкталды жана Корутунду**

2024-жылдын 1-январына карата 2023-жылдын топтолгон бухгалтердик балансТЫН, 1-форманын 7-тиркемесинде: “Кредиттер, ссудалар жана зайымдар” 32142 “Ишканалар, финансы мекемелери жана калк боюнча ссудалар” эсеби боюнча жылдын башына (01.01.2023-ж.) жана жылдын аягына (01.01.2024-ж.) карата каражаттардын калдыгы 59 468,7миң сом.

Министрликтин маалыматы боюнча, жогоруда аталган карыз 2004-2012-жылдары республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин эсебинен Министрликтин алдындагы микрокредиттик агенттиктер аркылуу аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө жана жумушсуз жарандарга күрөөлүк камсыздоосуз жана кепилдиксиз берилген кредиттердин кайтарылбаган калдыктары болуп саналат. 2024-жылдын 1-январына карата каражаттардын калдыгы өзгөрүүсүз калган. Министрлик тарабынан микрокредиттик агенттиктердин ишин, башкача айтканда, кредиттик портфелди эсепке алууну, финансылык жана инвентардык активдерди пайдаланууну, карызы бар карыз алуучулардын деталдуу эсебин жана аларды кайтарып берүү боюнча иштерди контролдоо жана мониторинг жүргүзүү боюнча иш чаралар жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама**

Аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү жана жумушсуз жарандарды микро кредиттөө үчүн бөлүнгөн бюджеттик каражаттардын 59 468,7 миң сомдук калдыгы боюнча бюджеттик каражаттарды рационалдуу эмес пайдаланууга алып келген фактылары боюнча тийиштүү чаралар көрүлсүн.

**Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө” Мыйзамын ишке ашырууга республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын пайдаланышы**

Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги “Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 4-ноябрындагы № 604 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик социалдык заказдын алкагында коомдук пайдалуу долбоорлордун конкурсун өткөрүү тартиби жөнүндө” жобого ылайык, 2022-2026-жылдарга мамлекеттик социалдык тапшырык программасына ылайык 2023-жылдын 16-мартынан 3-апрелине чейин коомдук пайдалуу долбоорлорго конкурс жарыяланган жана ишке ашыруу үчүн **48,7 млн сом** каражаты каралган.

**2023-жылы**, жарыяланган эки сынактын алкагында жалпысынан 97 долбоордук сунуш түшкөн, анын ичинен 72 долбоор жактырылып, 71 долбоорго келишимдердин негизинде 44,9 млн сом бөлүнүп берилген (1 долбоорду ишке ашыруудан жеңүүчү баш тарткан).

Социалдык пайдалуу долбоорлордун сынагы 2023-жылы эки ирет өткөн, экинчи сынактан жеңген долбоорлорду ишке ашырууга коммерциялык эмес уюмдар менен 2023-жылдын ноябрь айында келишимдер түзүлүп каржыланып берилген, ушуга байланыштуу учурда 22 долбоор ишке ашыруу процессинде, ал эми 49 долбоор ишке ашып бүткөн.

2023-жылы коммерциялык эмес уюмдарга берилген 44,9 млн сомдун ичинен финансылык отчеттор 14,3 млн. сомго берилген.

Министрликтин 2024-жылдын 12-июнундагы № 92 сандуу буйругуна ылайык, Мамлекеттик социалдык заказдын алкагында 2022-2023-жылдары каржыланган коммерциялык эмес уюмдардын ишмердүүлүгүнө мониторинг жүргүзүлгөн. 2023-жылы аталган долбоорлор боюнча кассалык чыгымдар 45 722,8 миң сомду түзгөн.

**Аныкталды жана корутунду**

“Аруу-Жан”коомдук фонду тарабынан 2022-жылдын 1-декабындагы № 150 келишимде көрсөтүлгөн талаптар аткарылбай максатына жетпей, “Дени сак жашоого кадам” долбоорго каржыланган **345,8** миң сом бюджеттик каражаттар кайтарылган эмес, долбоорду ишке ашыруу мөөнөтү 2022-жылдын 1- декабрынан 2023-жылдын 30-ноябрына чейин.

Аудит убагында бухгалтерия тарабынан, долбоор ишке ашырылгандыгы туралуу эч кандай тастыктоочу бухгалтердик документ берилген жок.

**Сунуштама**

“Аруу-Жан”коомдук фондуна 2022-жылдын 1-декабындагы № 150 келишимдин негизинде каржыланган 345,8 миң сом бюджеттик каражаттар өндүрүлүп, бюджеттин киреше бөлүгүнө которуу боюнча иш чаралар жүргүзүлсүн, тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасына:

“Аруу-Жан” коомдук фонду тарабынан 2022-жылдын 1-декабрындагы № 150 келишимде көрсөтүлгөн талаптар аткарылбай максатына жетпей, “Дени сак жашоого кадам” долбоорго каржыланган 345,8 миң сом бюджеттик каражаттар кайтарылбагандыгы боюнча маалымат тиешелүү кароо үчүн жөнөтүлсүн.

**Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин борбордук аппараты (мындан ары-Борбордук аппарат)**

Борбордук аппараттын түзүмү 01.01.2023-жылдын 1-январына карата 7 башкармалык жана 2 бөлүмдөн турат, 2023-жылдын 25-февралында 153 штаттык бирдик бекитилген.

*Бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасынын түзүлүшү жана аткарылышы*

Бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасы: Министрликтин борбордук аппараты боюнча 108 635,0 миң сомго бекитилген. Сметалык багыттоолорду өзгөртүү жөнүндө маалым кат-билдирүүнүн негизинде чыгымдар сметасына киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен, такталган смета 140 256,1 миң сом. 2023-жылга “Бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын аткарылышы жөнүндө отчеттун” маалыматтарына ылайык, кассалык чыгымдар – 123 500,5 миң сом, факт жүзүндөгү чыгымдар - 121 470,8 миң сомду түзгөн.

**Атайын каражаттын түзүлүшү жана пайдаланылышы**

Борбордук аппарат боюнча атайын эсептин каражаттарынын чыгаша бөлүгү 2023-жылга 65,9 миң сомго бекитилген, такталган сметасы 65,9 миң сомго бекитилип, жыл ичинде кассалык чыгымдар бөлүгү жалпысынан 65,9 миң сом болсо, факт жүзүндөгү чыгымдар 65,9 миң сомду түзгөн анын ичинен:

2215 “Башка кызматтарды сатып алуу” боюнча баштапкы бекитилгени 65,9 миң сом, такталган смета 65,9 миң сомго каралган, кассалык чыгым 65,9 миң сом, факт жүзүндөгү чыгымдар 65,9 миң сом;

Депозиттик эсеп боюнча 2023-жылдын 31-декабрына 1285,4 миң сом контрактын аткарылышын кепилдик камсыздоо кредитордук карыз калган.

**Эмгек акылары жана штаттык ыраттмаларынын түзүлүшү**

Борбордук аппаратта 2022-жылдын 18-августунда 147 штаттык бирдик каралып бир айлык эмгек акысы 3705,5 миң сом, 2023-жылдын 25-февралында 153 штаттык бирдик каралып бир айлык эмгек акысы 3 832,3 миң сом, 2023-жылдын 15-июлунда 153 штаттык бирдик каралып бир айлык эмгек акысы 3 868,5 миң сомду түзүп министрдин орун басары Н.Базарбаев тарабынан бекитилген. Штаттык ыраттама боюнча аппаратта баары болуп 153 кызматкерди түзөт, анын ичинен: министр 1 кызматкер; министрдин

орун басары 4 кызматкер, министрдин кеңешчиси 1 кызматкер, министрдин жардамчсы 1 кызматкер, пресс катчы 1 кызматкер, коррупциянын алдын алуу боюнча өкүл 1 кызматкер, башкармалыктын башчысы 7 кызматкер, бөлүм башчы 16 кызматкер, сектор башчы 3 кызматкер, башкы адис 36 кызматкер; жетектөөчү адис 36 кызматкер; адис 20 кызматкер; бардык мамлекеттик кызматкерлер 127 кызматкер, ТОП 21 кызматкер, МОП 5 кызматкер.

2023-жылы жалпысынан план боюнча жылдык сметада 42 949,5 миң сом бекитилип, өзгөртүүлөр менен такталганы 106 937,2 миң сом, кассалык чыгымдар 94 041,2 миң сом, факт жүзүндөгү чыгымдар 94 012,6 миң сом болгон. 2023-жылга бюджеттик каражаттар боюнча жалпы чегерүү 94 012,6 миң сом, анын ичинде: кызматтык маяна 38 457,4 миң сом, убактылуу эмгекке жарамсыздык күндөрү 1 810,9 миң сом, эмгек өргүү 5 948,5 миң сом, иштеген жылдарына кошумча төлөм 6 695,4 миң сом, класстык чин 905,4 миң сом, жашыруун мүнөзү үчүн 276,9 миң сом, ден соолукка дарылоо жөлөкпул 10 994,6 миң сом, колдонулбаган өргүү үчүн компенсация 302,3 миң сом, илимдин кандидаты 21,6 миң сом, транспорт жана тамактануу 8 224,8 миң сом, нормаланбаган кошумча акы 145,7 миң сом, кошумча акы төлөөлөр13 843,2 миң сом, 13-эмгек акы 6 421,6 миң сом. Ал эми жалпы кармалып калганы 15 610,9 миң сом, анын ичинен бир күндүк жардам 297,2 миң сом, Соцфонддук чегерүүлөр, ГНПФ салымы (8%,2%) 7 108,0 миң сом, киреше салыгы 7 279,0 миң сом, профсоюздук салым 764,1 миң сом, алимент 68,9 миң сом.

Айлык акылар накталайсыз түрдө банк аркылуу которулуп кызматкерлерге төлөнөт.

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы № 266 ПЖ “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгынын 3.4 пункутунун негизинде Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын борбордук аппараттарынын, Кыргыз Республикасынын Президентинин облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрүнүн аппараттарынын, Кыргыз Республикасынын жергиликтүү мамлекеттик администрацияларынын аппараттарынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын кызматтык маянасына 50 пайызга чейинки өлчөмдө үстөк төлөө каралган.

Мамлекеттик кызматкерлердин ишинин натыйжалуулугун жана сапатын жогорулатуу үчүн материалдык дем берүү жана шарттарды түзүү максатында Борбордук аппараттын мамлекеттик жарандык кызматчыларына “Ай сайын үстөк жана квартал сайын сыйлык төлөө тартиби" иштелип 2022-жылдын 19-августундагы № 128 буйругу менен бекитилген. Бекитилген тартипте Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы № 266 ПЖ “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык

кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгынын 3.4 пункутунда белгилегендей иштин татаалдыгы, сапаты, иштин жыйынтыгы, кесиптик демилге көрсөткөндүгү жана ченемге салынбаган иштин режими боюнча критерийлери белгиленген эмес. Аудит белгилегендей, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы № 266 ПЖ Жарлыгынын 3.4 пункутунун талаптарын бузуу менен иштин сапатын, кесиптик демилге көрсөткөндүгү жана ченемге салынбаган иштин режими үчүн тастыктоочу негиз жок, борбордук аппараттын кызматкерлерине 20-50% өлчөмүндө эмгек акыга 13 843,3 миң сом кошумча үстөк төлөнгөн, соцфондук төлөмдөр 2 387,9 миң сом, жалпы суммасы **16 231,3 миң сом** рационалдуу эмес колдонулган.

**Сунуштама**

Борбордук аппараттын кызматкерлерине эмгек акыга кошумча үстөк төлөөдө, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы № 266 ПЖ “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” Жарлыгынын 3.4-пункутунун талаптары так аткарылып, бюджеттик каражаттар рационалдуу пайдаланылсын.

**Аныкталды жана Корутунду**

Борбордук аппараттын кызматкерлерине 2022-жылдын 19-августундагы № 128 Министрликтин буйругу менен бекитилген “Ай сайын үстөк жана квартал сайын сыйлык төлөө" тартибинин 6-пункутунун талаптарын бузуу менен мамлекеттик кызматкерлерге өздөрүнүн функционалдык милдеттерин сапатсыз аткаргандыгы жана иштеги кетирилген кемчиликтери үчүн тартиптик жазага тартылышкандыгына карабастан ай сайын иштин татаалдыгы, сапаты, иштин жыйынтыгы, кесиптик демилге көрсөткөндүгү жана ченемге салынбаган иштин режимине кошумча эмгек акы 20-50% га чейин 883,6 миң сом, соцфондук төлөмдөр 152,4 миң сом, жалпы суммасы **1 036,0 миң сом** негизсиз төлөнгөн.

**Сунуштама**

Борбордук аппараттын кызматкерлерине кошумча эмгек акы төлөөдө Министрликтин 2022-жылдын 19-августундагы № 128 буйругу менен бекитилген “Ай сайын үстөк жана квартал сайын сыйлык төлөө” тартибинин 6-пункутунун талаптары так сакталсын.

**Аныкталды жана Корутунду**

2021-жылдын 3-декабрында үй-бүлө жана балдарга кызматтарды өнүктүрүү башкармалыгын жетектөөчү адиси М.А.Нарынбекова үйүндө белгисиз адамдар тарабынан 99,4 миң сомдук (анын ичинде 22,8 миң сом программалык пакет) ноутбук уурдалганы жөнүндө үй-бүлө жана балдарга кызматтарды өнүктүрүү башкармалыгын жетекчиси К.К.Кадыралиевага кызматтык кат менен кайрылган. Жогорудагы окуя менен М.А.Нарынбекова Бишкек шаарынын Свердлов райондук ички иштер бөлүмүнө арыз менен кайрылып, ал боюнча № 03-003-2021-013318 кылмыш иши козголгон. 2023-

жылдын 14-апрелинде М.А. Нарынбекованы Бишкек шаарынын Свердлов райондук ички иштер кызматынын тергөөчүсү милициянын лейтенанты А.С. Садыков жабырлануучу катары чечим чыгарган.

Үй-бүлө жана балдарга кызматтарды өнүктүрүү башкармалыгын жетектөөчү адиси М.А. Нарынбекова 2023-жылдын 28-февралында № 47-л буйругунун негизинде өз каалоосу менен кызмат ордунан бошотулган.

**Сунуштама**

Жоголгон ноутбукту ордуна коюу боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарынын сакталышы**

2023-жылы бардыгы болуп 35 сатып алуу өткөрүлгөн, алардын жыйынтыгы боюнча бардыгы 124 833, 4 миң сом суммасында келишимдер түзүлгөн. 2023-жылга сатып алуулардын жылдык планы (тактоолору менен)129 071,2 миң сомго түзүлгөн.

**Санаториялык-курорттук дарылануурга жолдомолорду сатып алуу:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 9-августундагы № 457 “Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга санаториялык-курорттук дарылануурга жолдомолорду берүү тартиби жөнүндө” токтомунда тартиби белгиленген. Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар аймактык бөлүмдөр тарабынан санаториялык-курорттук дарылоого жолдомолор менен төмөнкүдөй жеңилдикте камсыз кылынат:

- I топтогу майыптарга - 5 жылда бир жолу акысыз; I топтогу майыпты коштогон адамга медициналык көрсөтүүлөргө ылайык, - 50 пайыздык жеңилдетүү менен;
- II топтогу майыптарга - 5 жылда бир жолу 50 пайыздык жеңилдетүү менен;
- III топтогу майыптарга - 5 жылда бир жолу 30 пайыздык жеңилдетүү менен.

ДМЧАлардын санаториялык-курорттук дарылануусуна жолдомолор республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен берилет.

2023-жылга чыгымдардын сметасына “Социалдык жардам боюнча жөлөкпул” 2721-беренеси боюнча ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды санаториялык-курорттук дарылоого жолдомолорду сатып алууга 5177 даана суммасында 85 000,0 миң сом.

Комиссиянын мүчөлөрү кол койгон чыгымдардын сметасы бар, анда жолдомолорду сатып алууга бөлүнүүчү жалпы сумма (5 177даана) 84 491,52 миң сом өлчөмүндө аныкталган.

**№ 230629388223361** өткөрүлгөн сатып алуулар боюнча чектелбеген эки пакеттүү усул менен 85 000,0 миң сомго порталга жарыяланган. 3 катышуучу 84 491,5 миң сом суммасын сунуштаган, анын ичинен 1-ЛОТ боюнча К. Мамакеев атындагы Профилакторий - 31 523,9 миң сомго

жеңүүчү деп табылып 2023-жылдын 21-августунда № 94 келишими түзүлгөн, 2-ЛОТ боюнча Кыргызское Взморье санаториясы 43 924,6 миң сомго 2023-жылдын 01-сентябрында № 97 келишим түзүлгөн, 3-ЛОТ боюнча Кыргыз курортология жана калыбына келтирүүчү дарылоо илимий-изилдөө институту 9 043,0 миң сомго 2023-жылдын 23-августунда № 95 келишими түзүлгөн. Пландаштырылган сумма 85 000,0 миң сом, шарттуу үнөмдөө 508,5 миң сомду түзгөн.

**№ 230518383661591** өткөрүлгөн сатып алуулар боюнча чектелбеген эки пакеттүү усул менен 4 995,0 миң сомго порталга жарыяланган. 2 катышуучунун 4 884,0 миң сом суммасын сунуштаган "Кыргызлифт" ААКму жеңүүчү деп табылып 2023-жылдын 31-майында № 30 келишими түзүлгөн. Пландаштырылган сумма 4 995,0 миң сом, шарттуу үнөмдөө 111,0 миң сомду түзгөн.

**№ 230828399271853** өткөрүлгөн сатып алуулар боюнча: *"Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин башкаруунун ар кандай деңгээлдеринде социалдык жардамдын корпоративдик маалыматтык системасын (КИССП) колдонуучуларды аралыктан окутууну иштеп чыгуу жана киргизүү"* чектелбеген эки пакеттүү усул менен 7 995,0 миң сомго порталга жарыяланган. 1 катышуучу 7 980,0 миң сом суммасын сунуштаган "Интерсофт" ЖЧКсы жеңүүчү деп табылган жана 2023-жылдын 6-октябрында № 108 келишими түзүлгөн. Пландаштырылган сумма 7995,0 миң сом, шарттуу үнөмдөө 15,0 миң сомду түзгөн.

**Аныкталды жана Корутунду**

Бишкек шаарынын райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыктары Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамынын 12-беренесинин "Сатып алуулар жөнүндө документтер" 13-пунктун бузуу менен сатып алууларды жүргүзүүдө сапатын тастыктоочу сертификаты жок, ырастоочу документтерсиз жеткирүүчүлөр тарабынан тамак-аш азыктарын жалпы суммасы **69 964,0 миң сом** жеткирилген, анын ичинде: Ленин району – 23 290,9 миң сом, Свердлов району – 17 706,2 миң сом, Биринчи май району– 14 780,9 миң сом, Октябрь району– 13 862,3 миң сом жана Эмгек мыйзамдарын контролдоо жана көзөмөлдөө боюнча кызматы- 323,7 миң сомго.

**Сунуштама**

Бишкек шаарынын Ленин, Свердлов, Биринчи май, Октябрь райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыктары тамак-аш азыктарын сатып алууда, "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын "Сатып алуулар жөнүндө документтер" 12-беренесинин 13-пунктунун бузууга жол берген тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Министрликтин Өнүктүрүү жана материалдык колдоо фондунун каражаттарынын пайдаланышы**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 14-апрелиндеги № 213 (КПҮ) токтомунун негизинде натыйжалуу иштөө үчүн зарыл шарттарды түзүү, кадрдык потенциалды жогорулатуу жана Министрликтин кызматкерлерин социалдык жактан коргоону камсыз кылуу максатында “Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигин өнүктүрүү жана материалдык колдоо фонду жөнүндө” жобо (мындан ары – Фонд жөнүндө жобо) бекитилген. Фонддун каражаттары боюнча чыгымдардын сметасы: жалпысынан Министрлик боюнча 84 566,5 миң сом бекитилген, киргизилген өзгөртүүлөрдү эске алуу менен такталган смета 28 502,4 миң сом. Кассалык чыгымдар 21 960,0 миң сомду, факт жүзүндөгү чыгымдар 21 863,1 миң сомду түздү. Беренелер боюнча чыгымдардын сметасын аткаруу төмөнкү маалыматтар менен мүнөздөлөт:

- 2111 “Эмгек акы” беренеси боюнча 50 070,9 миң сомго смета боюнча бекитилген, такталган смета 24 066,6 миң сомду, кассалык чыгымдар 18 736,3 миң сомду, факт жүзүндөгү чыгымдар 18 736,3 миң сомду түзгөн;
- 2121 “Социалдык муктаждыктарга төгүмдөр/чегерүүлөр” беренеси боюнча 4 640,9 миң сомго смета боюнча бекитилген, такталган смета 4 140,0 миң сомду, кассалык чыгымдар 2 934,9 миң сомду, факт жүзүндөгү чыгымдар 2 934,9 миң сомду түзгөн;
- 2222 “Товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу” беренеси боюнча чыгымдар сметасы 1700,0 миң сом каралган, такталган смета – 288,8 миң сом, кассалык чыгымдар – 288,8 миң сом, факт жүзүндөгү чыгымдар – 191,9 миң сом.

2023-жылы Фонддун эсебинен министрдин буйруктарына (27.03.2023ж.№ 43, 26.06.2023-ж.№ 96, 18.10.2023-ж.№ 172) ылайык борбордук аппараттын кызматкерлерине 17 117,7 миң сомго сый акылар берилген. Ошондой эле, 2023-жылы борбордук аппараттын техникалык, кичүү тейлөө кызматкерлерине тамак-аш жана транспорттук чыгымдар 1 586,9 миң сомду түзгөн.

**Аныкталды жана Корутунду**

Райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыктарынын мекемелери боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомунун талаптарын бузуу менен ашыкча командировкалык чыгымдарга **175,0 миң сом** төлөнгөн, 8,0 миң сом ордуна коюлду, калдыгы 167,0 миң сом, анын ичинен: Өзгөн район аралык ЭСКМБгы 8,0 миң сом ордуна коюлган, Ала-Бука райондук ЭСКМБгы -11,0 миң сом ордуна коюлган эмес, Республикалык медициналык социалдык экспертизалоо борбору 117,3 миң сом ордуна коюлган эмес, Жарандарды чет өлкөдө ишке орноштуруу борбору мекемеси -38,5 миң сом ордуна коюлган

эмес.

**Сунуштама**

Командировкалык чыгымдар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтомунун талаптарына ылайык эсептелинсин жана ашыкча төлөнгөн командировкалык чыгымдар тиешелүү кызматкерлердин эсебинен калыбына келтирилсин, анын ичинде: Ала-Бука райондук ЭСКМБ -11,0 миң сом, Республикалык медициналык социалдык экспертизалоо борбору -117,3 миң сом, “Жарандарды чет өлкөдө ишке орноштуруу борбору” мекемеси -38,5 миң сом.

**Аныкталды жана Корутунду**

Райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыктарынын мекемелери боюнча **товардык материалдык баалуулуктардын жетишпестиги** 20,9 миң сом суммасында аныкталып, ордуна коюлду. Анын ичинен: Бакай-Атадагы жалпы типтеги улгайган жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген жарандардын социалдык стационардык” мекемеси 8,6 миң сом ордуна коюлду, Покровкадагы аралаш психоневрологиялык социалдык стационардык мекемеси 9,5 миң сом ордуна коюлду, Төмөнкү-Серафимовкадагы Батыш Салиева ысымындагы жалпы типтеги улгайган жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жарандардын социалдык стационардык мекемеси 2,8 миң сом ордуна коюлду.

**Сунуштама**

Бухгалтердик эсепти жүргүзүүдө, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобонун “Бухгалтердик эсепти жүргүзүүгө негизги талаптар” 2-главасынын 1-параграфындагы 5-пунктунун аткарылышы камсыздалсын.

**Аныкталды жана Корутунду**

Бишкек шаарынын райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыктары боюнча бухгалтердик эсепте негизги каражаттарды таануу жана амортизациялоо боюнча мыйзам талаптары аткарылбай Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы № 2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобосунун 127 жана183-пункттарынын талаптарын бузуу менен, отчеттук мезгилде **1 181,5 миң сомго** кеңсе эмеректери негизги каражаттар катары бухгалтердик эсепке кириштелбестен, бухгалтердик эсепте ТМБ катары кириштелген, анын ичинде: Биринчи май -848,6 миң сом, Октябрь- 332,9 миң сом.

**Сунуштама**

Бишкек шаарынын райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыктары тарабынан анын ичинде: Биринчи май району, Октябрь району Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" Жобонун 127 жана 183-пункттарынын аткарылышы камсыздалсын.

**Жарандарды чет өлкөдө ишке орноштуруу борбору**

**Аныкталды жана корутунду**

Жарандарды чет өлкөдө ишке орноштуруу борбору тарабынан мамлекеттик кызматчыларга Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы № 266 ПЖ "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгынын 3-пунктунун талаптары сакталбастан, жарлыкта каралбаган **165,0 миң сомго** материалдык жардам көрсөтүлгөн.

**Сунуштама**

Жарандарды чет өлкөдө ишке орноштуруу борбору Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы № 266 ПЖ "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгынын 3 пункутунун талаптары так сакталсын.

**Республикалык протездик - ортопедиялык буюмдар мекемеси**

Республикалык протездик–ортопедиялык буюмдар мекемеси республикалык бюджеттин эсебинен Бирдиктүү чыгымдардын 2721 беренесинен каржыланат. Каржылануу Бирдиктүү казыналык эсептен жүргүзүлбөстөн РСК Банктагы эсеп счету аркылуу ишке ашырылгандыктан 2023-жылдын 1-январына карата эсеп счеттогу акча каражаттарынын калдыгы 4745,3 миң сом. 2023-жылдын жалпы каржылоо 123 969,6 миң сомду түзгөн. Министрликтин консолидацияланган сметасында Мекеме өз алдынча көрсөтүлгөн эмес, ошондой эле Министрлик аркылуу каржылангандыктан Казыналыктын системасында идентификациялоо кодторуна ээ эмес. РСК Банктагы эсеп счетунун көчүрмөсүнө ылайык бюджеттик каражаттардын 2024-жылдын 1-январына карата калдыгы 17 731,2 миң сомду түзөт, анын ичинде 14 750,0 миң сом майыптык коляскаларга каралган акча каражаты, ал эми 2 981,2 миң сом бюджеттик каражаттардын калдыгы.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 184 токтому менен бекитилген "Калкты социалдык камсыздоо системасынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жобонун 4-главасынын 13-пунктунун 5-пунктчасына ылайык, административдик-башкаруу персоналына өндүрүштүк планды аткарууда,

эмгектин татаалдыгы, сапаты жана натыйжалары үчүн кызматкердин жеке салымын эске алуу менен кызматтык маяналардын өлчөмүндө 1,1ден 2,3кө чейинки эмгекке катышуу коэффициенттери колдонулат. Бирок, 2023-жылга да ишкананын өндүрүштүк планы 4 992,6 миң сомго кем же 95,4% гана аткарылгандыгына карабастан, ай сайын эмгекке катышуу коэффициенттери колдонулган. Эмгекке катышуу коэффициенттери планга карата оңдоп-түзөтүлбөстөн толук өлчөмдө төлөнүп берилгендиктен жыл жыйынтыгы менен **580,3** миң сом эмгек акы ашыкча негизсиз төлөнгөн.

**Сунуштама**

Мындан ары, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 184 токтому менен бекитилген "Калкты социалдык камсыздоо системасынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жобонун 4-главасынын 13-пунктунун 5-пунктчасына ылайык, эмгекке катышуу коэффициенттери жылдык планды аткаруунун жыйынтыгы менен оңдоп-түзөтүлүп, андан кийин төлөмдөр жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 184 токтому менен бекитилген "Калкты социалдык камсыздоо системасынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жобонун 15 пункутуна ылайык, калкты социалдык камсыздоо системасынын түзүмдүк бөлүнүштөрүнүн, мекемелеринин жетекчилерине жыл ичинде эмгек акы төлөө фондунун үнөмдөлгөн каражаттарын эмгектин жогорку жана сапаттуу натыйжалары, өндүрүштүк планды аткаргандыгы, кесиптик жана чыгармачылык демилге көрсөткөндүгү үчүн кызматкерлерге дем берүүчү төлөмдөргө жумшоо укугу берилген, бирок Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 184 токтому менен бекитилген Жобонун 15 пункутуна шайкеш келбеген шартта, Жобонун 15 пункутунун талаптары так аткарылбай, Республикалык протездик–ортопедиялык буюмдар мекемеси тарабынан эмгек акы фондунан Директордун 2023-жылдын 31-октябрындагы № 42-п буйругу менен **1 514,6** миң сомго негизсиз дем берүүчү төлөмдөр жүргүзүлгөн.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 184 токтому менен бекитилген "Калкты социалдык камсыздоо системасынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жобонун 15-пункутунун талаптары так аткарылбай, Республикалык протездик–ортопедиялык буюмдар мекемеси тарабынан эмгек акы фондунан 1 514,6 миң сомго негизсиз дем берүүчү төлөмдөрдү жүргүзүүгө жол берген тиешелүү кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана корутунду**

2023-жылдын 11-июлундагы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин № 2-Б "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча" жобосунун 3-

главасынын 6 пункуту сакталбастан **179,2** миң сомдук 16 даана майыптык коляскалар бухгалтердик эсепке киришиtelбестен чыгышталгандыгы аныкталган. Аудит учурунда такталып 2024-жылдын 4-ноябрындагы бухгалтердик аныктаманын негизинде бухгалтердик эсепке киришtelди.

**Сунуштама**

Мындан ары, “Бухгалтердик эсеп жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесинин 3-пунктунун негизинде, баштапкы эсепке алуу документтерин өз учурунда, сапаттуу жол-жоболоштуруу, аларды бухгалтердик эсепте чагылдыруу үчүн белгиленген мөөнөттө берүү, материалдык жоопту у адамдар тарабынан камсыз кылынсын.

**Токмоктогу № 1 Психоневрологиялык социалдык стационардык мекемеси**

**Аныкталды жана Корутунду**

Мекеменин жалпы жер аянты 29,7 Га жер аянтын түзөт, анын ичинен 4,5 га. жер аянтынын мөөнөтсүз пайдалануу укугу жөнүндө мамлекеттик актысы бар жана ал аймакта: 1 администрация, 1 мончо-кир жуучу жай, 1 үч кабаттуу 24 батирлүү үй, 2 эки кабаттуу 16 батирдик үй, 1 барак тибиндеги үй, 1 дүкөн, 4 кабаттуу уктоочу корпус, 1 ашкана, 1 откана, 3 кампа жайгашкан. Мекеменин 25,2 Га жер аянтына эч кандай тастыктоочу иш кагаздары жок, ал боюнча мекеменин жетекчилиги тарабынан Искра айыл өкмөтүнө, Чүй-Токмок “Кадастр” мамлекеттик мекемесине 2023-жылдын 1-ноябрында тиешелүү иш кагаздарын аныктап берүү жөнүндө каттар менен кайрылган.

**Сунуштама**

Токмоктогу № 1 Психоневрологиялык социалдык стационардык мекемесине таандык жер тилкелери боюнча тийиштүү мекемелер тарабынан иш кагаздары аныкталып, баланстык эсепке коюлсун.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинде жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүндө бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин жыйынтыктары боюнча бузуулардын жана кемчиликтердин жалпы суммасы **230 483,4** миң сомду түзгөн, анын ичинде бузуулардын категориясына карата:

- **13 326,8 миң сом** суммасында **финансылык бузуулар, калыбына келтирилгени 5 005,0 миң сом, калдыгы 8 321,8 миң сом** анын ичинен:

- товардык-материалдык баалуулуктардын кем чыгуусу– 20,9 миң сом суммасында, аудиттин жүрүшүндө 20,9 миң сом калыбына келтирилген,

- командировкалык чыгымдарды негизсиз эсептен чыгаруу -175,0 миң сом, аудиттин жүрүшүндө 8,0 миң сом калыбына келтирилген, калдыгы 167,0 миң сом,

- бухгалтердик эсепте көрсөтүлбөгөн дебитордук карыздар – 13130,9 миң сом, 4 976,1 миң сом калыбына келтирилди, калдыгы 8 154,8 миң сом;

**- Бюджеттин резервдери жана жоготуулары –95 537,9 миң сом,** анын ичинен:

- эмгек акы төлөөдөгү бузуулар – 92 264,2 миң сом,
- бюджеттин башка жоготуулары жана резерви – 3273,7 миң сом;

**- Рационалдуу эмес колдонулган каражаттар – 120 258,0 миң сомдук** (жергиликтүү бюджеттен-102655,7 миң сом) аныкталды, анын ичинен 17 602,3 миң сом ордуна коюлууга тийиш болсо, 17 520,8 миң сом ордуна коюлуп, 81,5 миң сом калыбына келтирүүгө жатат;

- **Бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчеттуулуктун тартибин бузуу - 1 360,7 миң сом,** ордуна коюлууга тийиш болсо, 179,2 миң сом ордуна коюлуп, 1181,5 миң сом калыбына келтирүүгө жатат**.**

***Процедуралык бузуулар:*** “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы – 69 964,0 миң сом.

**Аудитор** **П.С. Батиров**